Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Too

WWW.ERKIN-TOO.KG Жума, 2022-жылдын 14-октябры №91 (3426)

БЕКЕМ ИШЕНИМ, ДОСТУК МАМИЛЕ АЛАКА-КАТЫШТЫ БИЙИКТИККЕ ЧЫГАРАТ

8-9-БЕТТЕРДЕ

ЧЕК АРА МАСЕЛЕСИ ҮЧ ТАРАПТУУ ЖОЛУГУШУУДА ТАЛКУУЛАНДЫ

Кечээ Астана шаарында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун, Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путиндин жана Тажикстан Республикасынын Президенти Эмомали Рахмондун үч тараптуу жолугушуусу болду. Мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик тилкеси боюнча актуалдуу маселелер талкууланды. Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Владимир Путинге бул биргелешкен жолугушууну өткөрүү жана орун алган көйгөйлүү маселелерди ишеним артуу менен талкуулоо демилгеси, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамлекеттик чек ара маселелеринде көмөк көрсөтүүгө даярдыгы үчүн ыраазычылык билдирди.

Садыр Жапаров кыргыз тарап талаштуу маселелерди тынчтык жолу жана саясий-дипломатиялык ыкмалар менен гана чечүү зарылчылыгы боюнча өзгөрүүсүз позицияны карманаарын баса белгилеп, тажик тараптын куралдуу агрессиясынын кесепеттерин эске салды. Ошондой эле Кыргызстан кыргыз-тажик мамлекеттик чек ара сызыгын эки тарапка тең пайдалуу болгудай кылып тез арада чечүүгө ынтызар экенин, бул туруктуулуктун жана ынак коңшулуктун кепили боло турганын белгиледи.

Бекболот ТАЛГАРБЕКОВ:

“Бийликтин чек араны чечели деген аракети туура, бирок...”

3-БЕТТЕ

Максат НУСУВАЛИЕВ:

“Жол кире көтөрүлсө, тейлөө да жакшыртылышы керек”

4-БЕТТЕ

Элмира АЖЫКАНОВА:

“Ичим жаркын, сыртым салкын аялмын”

16-БЕТТЕ

БУЛ ЖУМАДА

АЗИЯ ЧӨЛКӨМҮНДӨГҮ АЙМАКТЫК КЫЗМАТТАШТЫК КЕҢЕЙЕТ

Кечээ 13-октябрда Астана шаарында Эгемендүүлүк сарайында Азиядагы өз ара аракеттенүү жана ишеним чаралары боюнча кеңешмеге (АӨИЧК) мүчө мамлекеттердин VI саммити өттү.

Иш-чара учурашуу аземи жана биргелешкен сүрөткө түшүү менен башталып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров жана АӨИЧК мүчө-мамлекеттеринин жетекчилери катышты.

Мамлекет башчысы өз сөзүндө Кыргызстан цивилизациялар аралык диалогго жана Азия чөлкөмүндөгү мамлекеттердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү бекемдөөгө өбөлгө боло турган аймактык кызматташтыкты кеңейтүү боюнча күч-аракеттерди кубаттай турганын белгиледи.

Бүгүн 14-октябрда Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Мамлекет башчыларынын кеңешинин кезектеги жыйыны жана "Борбор Азия+Россия" Мамлекет башчыларынын саммити өтөт.

КОМИССИЯ ТҮЗҮЛДҮ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук кызматына Иштамберди кенинде жайгашкан "Full Gold Mining" компаниясынын алтын кен шахтасындагы көмүр кычкыл газы менен ууланууунун себептерин талдап чыгууну тапшырды. Окуянын келип чыгуу себептерин тыкыр иликтеп чыгуу үчүн ведомстволор аралык комиссия түзүлдү. Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине объектидеги коопсуздук техникасынын сакталышы жана аны камсыз кылуу боюнча көзөмөлдү күчөтүү тапшырылды. Мындан тышкары, ведомствого кен казуу иштерин жүргүзүүдө өнөр жай коопсуздугун камсыз кылуу үчүн талаптарды так сактоо боюнча чечимди Министрлер Кабинетинин жыйынына киргизүүсү тапшырылды.

Бакыт Төрөбаев каза болгондордун жакындарына көңүл айтып, Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы шахтадагы өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюу иштери анын жеке көзөмөлүндө экенин билдирди. Белгилей кетсек, "Full Gold Mining" компаниясы курман болгондордун жана жабыркагандардын үй-бүлөсүнө тийиштүү жардамдарды көрсөтөт.

АКЫЛБЕК ЖАПАРОВ ФУАТ ОКТАЙ МЕНЕН ЖОЛУКТУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 12-октябрда Анкара шаарына болгон жумушчу сапарында Түркия Республикасынын вице-президенти Фуат Октай менен жолугушту.

Президенттик комплексте өткөн жолугушууда тараптар эки тараптуу, кызматташуунун, анын ичинде экономика жана соода тармагындагы кызматташуунун абалын жана келечегин талкуулашты. Эки мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн учурдагы өнөктөштүк механизмдерин мындан ары өнүктүрүү боюнча макулдашышты. Ошондой эле түрк тилдүү маданияттын жалпы тарыхый символу болуп калган Изник шаарында өткөн IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын жыйынтыгы да талкууланды.

МААНИЛҮҮ ТАЛКУУЛАР

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Адылбек Касымалиев Азия өнүктүрүү банкынын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү менен жолугушту.

Жолугушууда тараптар транспорт, энергетика, жеке секторду колдоо, санариптештирүү, жашыл экономика жана адам капиталын өнүктүрүү сыяктуу кызматташуунун багыттары боюнча долбоорлорду ишке ашыруунун келечегин талкуулашты. А.Касымалиев өлкөнү өнүктүрүү үчүн ыкчам жана натыйжалуу чараларды көрүүнү мезгил талап кылып жатканын белгиледи. Өз кезегинде АӨБ Директорлор кеңешинин мүчөлөрү каржылоодо жакырчылыкты кыскартуу, жеке секторду колдоо, климаттын өзгөрүү маселелери, транспорт, энергетика, сапаттуу мамлекеттик башкаруу жана аймактык кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттарын айтышты. Ошондой эле келечекте Кыргыз Республикасы үчүн тобокелчилик катары COVID-19 пандемиясынын таасири, инфляция, Украинадагы кризис жана чек ара чатагы саналарын билдиришти. Тараптар Кыргыз Республикасында башталган ири долбоорлорду, атап айтканда, Камбар-Ата-1 ГЭСин, "Кытай — Кыргызстан — Өзбекстан" темир жол долбоорун ишке ашыруунун жүрүшүн талкуулашты.

АЛМАМБЕТ МАТУБРАИМОВ 70 ЖАШТА

Жогорку Кеңештин 13-октябрдагы жыйыны белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, мурдагы Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы Алмамбет Матубраимовдун 70 жылдык маарекесине байланышкан иш-чара менен башталды.

Аземге парламенттин мурдагы төрагалары, коомдук жана мамлекеттик ишмерлер катышты. Алгач Алмамбет Матубраимовдун өмүр жолун чагылдырган тасма көрсөтүлдү. Андан соң Төрага Нурланбек Шакиев Жогорку Кеңештин атынан маареке ээсин 70 жылдыгы менен куттуктап, Алмамбет Матубраимовдун калктын социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүү жаатында жасаган эмгектери көп экенин кошумчалады. Мындан тышкары, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин парламенттеги туруктуу өкүлү Алмасбек Абытов Алмамбет Матубраимовду Президент Садыр Жапаровдун атынан да куттуктады. Муну менен катар мурдагы премьер-министр Апас Жумагулов, Легендарлуу парламенттин Төрагасы Медеткан Шеримкулов, академик Миталип Мамытовдор куттуктоо сөздөрүн жолдошту. Жыйынтыгында маареке ээси Алмамбет Матубраимов куттуктоолор үчүн ыраазычылык билдирип, өзү иштеп турган учурдагы айрым жагдайларга токтолду.

БУУнун АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН 136-СЕССИЯСЫ

Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча комитетинин 136-сессиясы 10-октябрда ачылып, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын, Эфиопия Федеративдик Демократиялык Республикасынын, Японияны, Никарагуа Республикасынын, Филиппиндин жана Россия Федерациясынын Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын жоболорунун ишке ашырылышы тууралуу баяндамалары угулду.

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов жетектеген делегациянын курамында Жогорку Соттун, Башкы прокуратуранын, Ички иштер министрлигинин, Юстиция министрлигинин, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин, Тышкы иштер министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Женевадагы БУУнун бөлүмүндөгү жана башка эл аралык уюмдардагы Туруктуу өкүлчүлүгүнүн өкүлдөрү болду.

Эске салсак, Кыргыз Республикасы 1994-жылдын 7-октябрында Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга жана анын Факультативдик протоколуна кошулган жана ушул жылдын 11-12-октябрында Комитетке үчүнчү мезгилдүү баяндамасын сунуштайт.

Буга катар 2010-жылдын 6-декабрында Кыргыз Республикасы өлүм жазасын алып салууга багытталган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын Экинчи Факультативдик протоколуна кошулган.

"Эркин-Тоо" пресс

Кеп келгенде

Экс-министр Бекболот ТАЛГАРБЕКОВ:

“Бийликтин чек араны чечели деген аракети туура, бирок элди да угуу керек”

- Бекболот агай, кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасын чечүүнү жалпы элдик референдумга алып чыгуу сунушун алгач сиз көтөрүп чыктыңыз. Жалпы элге салуу канчалык зарыл?

- Ооба, азыр бийлик кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын талаш участкалары боюнча эки тараптуу келишимдин долбоорун даярдады. 4 727 гектар жер өзбек тарапка өтүп, анын ордуна дээрлик 20 миң гектарга жакын жер кыргыз тарапка өттү дешүүдө. Албетте, бийликтин бул кадамы чек ара чечилип калса коңшу эл менен ынтымакта жашап калат элек деген аракети. Бирок, бийлик сөзсүз элди угушу керек.

Эгер “Жогорку Кеңеш бул келишимди ратификациядан өткөрсө, бийлик күчкө салып сатып ийди же кысым кылды” деген түшүнүк калат. Ошол үчүн алгач элге алып чыккыла деген сунуш берип жатам. Жалпы элге түшүндүрүп, референдум менен чечүү жолу турат. Туура көрсөнөр колдоп бергиле, каршы болсоңор дагы башка жолдорун издеп көрөбүз деш керек. Жок, биздики туура деп чечип койгон болбойт.

Жогорку Кеңештин эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитетинин жыйынына катыштым. Эч кандай жашыруун нерсе жок экен. Бардыгы ачыкталып кетти. Бирок комитетте жабык талкуулангану туура болду. Себеби, талкуу учурунда ар кандай сөздөр айтылат. Анын баары экинчи тарапка угулбашы керек.

Бийлик өз позициясын туура деп жатат. Каршы тарапты уксак, алардын да жүйөсү жөндүү. Ошондуктан, азыркы бийликке биздин тагдырды кайталабагыла деп айтып жатам. Аскар Акаев Кытай менен болгон чек араны эң сонун чечкен менен ушак сөзгө калды. Бизден кийин Кытай менен Казакстан сүйлөшүп, талаш жерлер 50/50 деп чечилди. Дүйнөлүк практикада талаш жерлер 50/50 деп чечилет. Тажиктер Кытайга 70 пайызын берип, 30 пайызын гана алып калды. Россия 40 пайызын алды. Эң мыкты чечкен биз болдук. Ал Аскар Акаевдин дипломатиясы, Цзян Цземин менен болгон жеке мамилеси аркылуу чечилген. Азыркы бийлик дагы жакшы ниет менен аракет жасап жатат. Бирок, келечекте Садыр Жапаров туура кылды деген жүз адамдын үнү унутулуп, каршы болгон он адамдын үнү түбөлүк калып калат.

- Чек ара маселесинде толук утушка ээ болгон тарап болбойт эмеспи. Бир жеринен утушка ээ болсо, экинчи жерде шартка көнүүгө туура келет. Ушундай аяр мамиледе кыйкырык сала бергендин өзү туура эмес болсо керек?

- Албетте, чек ара аябай аяр мамиле жасай турган маселе. Бирок, бийлик бир жерден ката кетирсе экен деген тарапка кыйкырып чыкканга жакшы шарт түзүлөт экен да. Ошол үчүн мен бийликке эскертип жатам. Биздин “Коомдук кеңеш” уюму калыс пикирди карманып келе жатабыз. Биз эмне үчүн оппозиция эмеспиз? Оппозиция –бийлик үчүн күрөшкөн топ. Бийлик үчүн күрөшпөгөн топту эч качан оппозиция деп атабаш керек. Оппозиция бийлик үчүн күрөштө бардык мүмкүнчүлүктү пайдаланат. Азыр да ошол мүмкүнчүлүктү пайдаланууга аракет кылышат. Биз эмне үчүн калыс позицияны карманып турабыз? Анткени, бизге бийликтин кереги жок. Туура же туура эмес экендигин ачык айтабыз. Эң башкы, максатыбыз мамлекетибизде төңкөрүш болбосун деген тилектебиз. Себеби, төңкөрүш болгон сайын мамлекет артка кетип жатат. Бардык маселе, сүйлөшүү жолу менен чечилиши кажет. Оппозиция азыркы кырдаалда төңкөрүш болуп кетүүсүн каалагандын ордуна, калыс пикирин карманып, кадыр-баркын көтөрүп алса, анда алдыда боло турчу шайлоодо алдыга озуп чыгууга чоң мүмкүнчүлүк жаралат.

- Акыркы жылдары коңшу мамлекеттер менен болгон чек ара маселесинде көп көйгөйлөр жаралды. Отуз жылдан бери чечилбей келген бул маселеге акыры чекит коюлушу керек да. Эмне үчүн мындай көйгөйгө кептелдик?

- Эң оболу чек ара маселесин чечүүдөгү принциптерге токтолгум келип жатат. Бул маселени чечүүгө өтө кылдат, өтө аяр мамиле жасап, чыныгы дипломатиялык жол менен кетишибиз керек. Дүйнөлүк практикада ушундай. Сөзсүз эле жеңип алышым керек же болбосо экинчи тарап сөзсүз жеңилип бериш керек деген талап өтпөйт. Бул сүйлөшүүлөрдүн негизинде чечиле турган нерсе. Экинчиден, чек ара маселесин жалпы эл түшүнүп, саясатташтыруудан алыс болушу керек. Үзөңгү-Кууштуу саясатташтырып олтуруп Аксы окуясы чыгып, акыры мамлекеттик төңкөрүшкө алып келди. Демек, саясатташтыруунун акыры түбү жакшылык менен бүтпөйт. Кийинки принцип – элдин ой-пикири менен эсептешүү. Бийлик өзүм билемдик менен чечим кабыл алып койбошу керек. Элдин, чек араны жакшы түшүнгөн тажрыйбалуу эксперттердин кепкеңешин угуу кажет. Бул маселени чечүүдө эч качан жерди сатып жиберди деген сөз болбошу зарыл. Анткени, жерди сатууга эч мүмкүн эмес. Маселен, ГЭС-терди курууда компаниялар менен сүйлөшүүлөр жүрөт. Алардан сатып жиберди деп шек санасак болот. Чек ара маселесинде мамлекеттин жетекчилери сүйлөшүп жатпайбы. Кантип Цзян Цземин Аскар Акаевге пара берет? Кантип Нурсултан Назарбаев Курманбек Бакиевге пара берет? Кантип Шавкат Мирзиёев Садыр Жапаровго пара берет? Бул мүмкүн эмес.

Катачылык кетирип жатса башка кеп. Ошол кетирип жаткан каталарын көрсөтүш керек. Ал эми жерди сатып жиберди деген болбогон кеп. Саясатташтырбагыла дегеним ошол. Бул негизги принциптер. Ушул принциптерди мекенчилмин деген ар бир адам туу тутуп, сактаганга аракет кылышы зарыл.

Ал эми кыргыз-өзбек чек арасына келе турган болсок, 30 жылдан бери чечилбей келе жатат. Эми чече турган учур келип жетти. Өткөндө Жогорку Кеңештин комитетинде талкуу болгондо аттуу-баштуу адамдар катышты. Мен да бардым. Медеткан Шеримкулов, Алманбет Матубраимов, Исмаил Исаковдор бул маселени узартпай чечиш керектигин, канчалык созо берген сайын ар кандай жаңжалдарга алып келиши мүмкүн экендигин эскертишти. Жергиликтүү элдин кагылышуусуна алып келүү кооптуулугу дайыма турат. Бийлик эмне болсо ошол болсун деп кош көңүл болуп жата берсе, түбү жакшылыкка алып келбейт. Бул жагынан алып караганда азыркы бийликтин чек араны чечели деген кадамын, аракетин туура түшүнүшүбүз керек. Экинчи дагы бир жагдай, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёевдин тажрыйбалуу киши экендиги, өлкө башына келгени Кыргызстанга жакшы мамиле кылып келе жатат. Бул да чоң фактор. Себеби, Ислам Каримовдун мамилеси жакшы эмес эле. Ал учурда чек ара маселесин чечүү мүмкүн эмес болчу. Чечкен күндө дагы утулуу абалда болмокпуз. Бул жагынан алганда дагы азыр жакшы жагдай түзүлүп жатат.

Тажикстан менен жаңжалдашып, куралдуу кагылышка чейин барып жаткандыгыбыздан улам, алар менен сүйлөшүү оор болуп жатат. Ал эми Өзбекстан менен жакшы мамиледе болуп жатабыз. Ошондуктан акылдашып-кеңешип чечкенге жакшы шарттар түзүлүп жатат.

- Тажикстанды сөз кылып калбадыңызбы, Аскар Акаев президент болуп турган учурда аталган өлкө менен чек арабызды чечип алуу мүмкүнчүлүгү бар эле деп сын айткандар көп. Чын эле ошол учурдагы мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып жибердикпи?

- Мен да мындай сөздөрдү угуп жүрөм. Биринчиден, ал кезде чечүүгө эч мүмкүн эмес болчу. Себеби, 1992-жылдан баштап эле Тажикстанда жарандык согуш жүрүп жаткан. Ошондуктан, ал жакта расмий бийлик болгон эмес. Кийин Эмомали Рахмон бийликке келгенде анын күчү мамлекетте эмес, Дүйшөмбү шаарынын ичинде гана болгон. Калган аймактарда талаа командирлери бар эле. Согуш жүрүп жаткан убакта чек ара кантип чечилет? Ошол учурда эле чечип койсо болмок дегендерди ачык эле “аферисттер” деп айтам. Мамлекетте ич ара согуш жүрүп, кан төгүлүп, мамлекеттик институттар иштебей жаткан учурда чече турган болсок, басып кирүү жолу менен гана чечишибиз керек болчу. Аскар Акаевич гуманду адам болгон, андай жолго эч качан бармак эмес.

- Ошол кездеги Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов менен да сүйлөшүү жолу менен бир мунасага келүү мүмкүн эмес беле?

- Ооба, жогоруда айтканымдай Ислам Каримов бизге жакшы көз карашта эмес болгон. Каалаган учурда газды өчүрүп, чек араны жаап койчу. Ошко жакын жерлерге, Андижанга танкаларын алып келип койгон. Чек араны чечүү түгүл, булар качан кол салат деген кооптонуу ар дайым турган. Эгерде биз чечебиз деп катуу турсак, алар бизге шарт коймок. Ошондуктан, маселе ушул кезге чейин узарып келди. Ал эми Кыргызстан-Кытай чек ара талашын алсак Аскар Акаев ошол учурда мүмкүнчүлүктөн эң сонун пайдаланып, кытай менен болгон чек араны чечип алды. Талашта турган жердин 70 пайызын биз алдык, ал эми 30 пайызын Кытай алды. Аскар Акаев мекенчил адам катары убагында абдан туура кадамга барган. Бирок, саясатчы катары уттуруп койду.

- Эмне үчүн?

- Себеби, өзүнүн керт башын ойлоп чек ара маселесин чечпей койгондо Үзөңгү-Кууш маселеси чыкмак эмес. Үзөңгү-Кууш сатылып кетти деп ошол кездеги оппозиция Аксы окуясын жаратты. Аксы окуясы ырбап олтуруп төңкөрүшкө алып келди. Кытай жана Өзбекстан менен болгон чек ара маселелерди эки бөлөк кароо керек. Себеби, Үзөңгү-Кууштa эл жашабайт. Ал жерде эл жок болгондон кийин жергиликтүү элдин кызыкчылыгы жок. Чек ара туура эмес өтүп жатат деп чыккан эл болбойт. Ошол кездеги Кытай лидери Цзян Цземин “Жакында кетем, мен барда жакшы чечип алгыла”- дептир. Аскар Акаев мүмкүнчүлүктөн пайдаланып калайын деп жандалбастап чечип жатпайбы. Эгер Аскар Акаев митайым саясатчы болсо, ал жерде атышып жаткан эл болбогондон кийин тим коймок. Анда Аксы окуясы да, төңкөрүш да болмок эмес. Чек араны кандай чечсең дагы эч качан жакшы көрүнбөйсүң.

- “Үзөңгү-Кууш толугу менен кыргыздын жери болгон, анын 30 пайызын Кытайга берип Акаев душманчылык кылган ” дегендер да бар эмеспи?

- Ал көчө таптаган кишинин сөзү. Союз маалында эле Үзөңгү-Кууш “СССР – Кытай ортосундагы талаш жер” деп аныкталган. Ал талаш эгемен Кыргызстанга мураска калган. Андай көчө таптагандардын логикасына таянсак, анда Россиянын Енисей жери да кыргыздыкы. Анда ал жерди кайра алууну эмнеге талап кылышпайт?! Чек ара маселесине жооптуу, расмий документтердин негизинде гана мамиле кылуу керек.

- Кемпир-Абад суу сактагычы боюнча эмне пикир айта аласыз?

- Мен бийликке “элди уккула, алар менен кеңешип иш алып баргыла!” деген каалоосунушумду айтаар элем.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Маанилүү маселе

Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин директору Максат НУСУВАЛИЕВ:

“ЖОЛ КИРЕ КӨТӨРҮЛСӨ, ТЕЙЛӨӨ ДА ЖАКШЫРТЫЛЫШЫ КЕРЕК”

Бишкек шаарынын мэриясы жол кире акысын жогорулатуу боюнча сунуш киргизип, долбоор иштеп чыкты. Бул маалымат учурда кызуу талкууга алынууда. Биз Бишкек шаарынын Транспорт департаментинин башчысы Максат Нусувалиевге кайрылып, маселенин чоо-жайын сурадык.

- Максат Орозбекович, жол кире акысын көтөрүү боюнча киргизилген сунуш коомчулукта тынчсыздануу жаратууда.

- Ооба. Бишкек шаарындагы коомдук унаалардын жол кире акысын көтөрүү долбоору каралып жатат. Бирок, бул сунуштар дароо ишке ашат дегенден алысмын. Биз транспорттук чыгымдарга, кирешелерге экономикалык эсеп жүргүзүп, орточо тарифти иштеп чыктык. Аны документтештирип Экономика министрлигине жөнөтүү алдында турабыз. Экономика министрлиги да документти талдап көрүп, өзүнүн тыянагын чыгарып бериши зарыл. Ошондон кийин гана документ Бишкек шаардык кеңешке сунушталат. Шаардык кеңеш да сунушту тез эле кабыл албайт. Ал алгач коомдук талкууга коюлуп, бир ай Бишкек шаарынын мэриясынын сайтына жарыяланат. Ошол убакта коомчулук документке өзүнүн сунушун берип, өзгөртүү киргизе алат.

- Жол кире 21 сом, кечки тариф 32 сом болсун деген сунуш киргизилиптир? Эмне үчүн 21 сом?

- Өлкөдө акыркы бир жылда экономикалык көрсөткүчтөрдө чоң өзгөрүүлөр болду. Баалар көтөрүлдү. Унаа тетиктеринин, күйүүчү майдын баасынын кескин түрдө жогорулашы жогорудагыдай сунушту киргизүүгө түрткү болду. 2021-жылы 28-сентябрда жол кире акысынын жаңы тарифин кабыл алып жатканда солярканын 1 литри 38 сом болчу. Бүгүнкү күндө 76 сомго чейин көтөрүлдү. Биздин экономикалык эсептөөлөр боюнча накталай төлөм 21 сом болсо туура болот экен.

- Жол кирелер көтөрүлгөнү менен коомдук унаалар жүргүнчүлөр үчүн шарттар түзүлбөй жатат? Бул сындарга кошуласызбы?

- Эгер тарифтер жогору болсо, автопарктар өзүнөн-өзү жаңыланмак. Албетте, баа өзгөрүп калса, тейлөө дагы өзгөрүшү керек. Айдоочулардын жоопкерчилиги, милдети да каралат. Быйыл декабрь айынын башында Бишкек шаарына жаңы 120 автобустун келиши күтүлүп жатат. Андан тышкары ВИП маршруткаларды да ишке киргизүү каралууда. Эгер алар ишке кирип калса, өзүнчө тариф, маршруттар ишке кирет.

- Жол кире көтөрүлгөндө айрыкча окуучуларга оорчулук келиши мүмкүн. Эмне үчүн окуучуларга атайын төлөм каралган эмес?

- Бул сапар окуучулар үчүн жол кире 6,40 тыйын болот. Пенсионерлерге адаттагыдай эле жеңилдик каралган.

- Үч түрлүү сунуш киргизип жатыпсыздар эмне үчүн?

- Жүргүнчүлөрдү жана жүк ташуунун иш жүзүндөгү өздүк наркы накталай эсептешүү тарифинен ашып кетти. Натыйжада, транспорт ишканаларында жүгүртүү каражаттардын жетишсиздиги, материалдар жана эмгек акы боюнча карыздар пайда болуп жатат. Мындан улам маршруттук таксилер азайды. Кирешеси болбогон тармакта иштебей линияны таштап кеткен айдоочулар көп болууда. Маршруттар азайган соң, эл аялдамаларда сааттап коомдук унаа күтүп турушууда. Автобустарга, маршруттук таксилерге эл батпай жатат. Мындай абалга тушуккан эл кайра эле келип бизге даттанышат. Ошондуктан маселелерди чечүү жолун издеп олтуруп, тарифти көтөрүүнү туура таптык жана абалды жөнгө салуунун 3 вариантын карап чыктык. Ал үч вариантты талдап көрүп, анын негизинде жол кирени троллейбус, автобус – 15, маршруттар үчүн – 21 сом, кечки тариф – 32 сом деп белгиледик.

Кабарлар

ӨСҮМДҮК МАЙЫ АРЗАНДАДЫ

Экономика министрлиги ушул күндөрдө өлкө аймагында айрым азыктарга болгон баа арзандаганын билдирди. Баалардын төмөндөө тенденциясы эки айдан бери байкалууда. Алсак, сентябрь айынын башында өсүмдүк майынын 1 литри 188,3 сом болсо, ушул күндөрдө 155 сомдон сатылууда. Ошондой эле күйүүчү май, ундун баасынын арзандоосу байкалган.

РАК, ГЕПАТИТТИН С, В ТҮРҮ МЕНЕН ООРУГАНДАР ҮЧҮН ДАРЫ САТЫЛЫП АЛЫНАТ

Саламаттыкты сактоо министринин орун басары Улан Садыков өлкөдө дарыдармек сатып алууга кошумча 1 миллиард сом каралып жатканын билдирди. Бул каражатка рак, гепатиттин С, В түрлөрү жана башка дарттан жабыркагандар үчүн дары-дармектер сатылып алынат. Кыргызстанда буга чейин гепатиттин С, В түрлөрүн дарылоочу дарылар сатылып алынган эмес. Улан Садыков учурда тендер иштери жүрүп жатканын кошумчалады.

ТОКОЙ ҮРӨН БАЗАСЫ КУРУЛАТ

Кыргызстанда токой үрөн базасын куруу пландалып, баалуу өсүмдүктөрдүн үрөндөрүн сактап калууга аракеттер көрүлүүдө. Бул тууралуу Айыл чарба министрлигинин алдындагы токой кызматынын токой экосистемаларын интеграциялап башкаруу долбоорун ишке ашыруу бөлүмүнүн директору Канат Жантаев билдирди. Токой үрөн базасы климаттык өзгөрүүлөргө туруштук берүү максатында курулуп жатат. Анда климаттын өзгөрүүсүнө туруктуу болгон өсүмдүктөрдүн үрөндөрү сакталып турмакчы.

БАЛЫК 145%ГА КӨП ӨСТҮРҮЛДҮ

Балык департаментинин көлмөлөрдү паспорттоштуруу жана балык чарба реестрин жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Нурзамат Акпаралы уулу Кыргызстанда 2022-жылдын сегиз айында 8 974 тонна балык өндүрүлүп, 2 901 тонна балык жана балык продукциясы экспорттолгонун билдирди. Бул көрсөткүч былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 145 пайызга көп. Учурда Кыргызстанда бирдиктүү мамлекеттик балык чарба реестринде 194 балык чарбасы катталган. Анын ичинен 30 чарба балык жана балык продукцияларын Россияга, Казакстанга жана башка өлкөлөргө экспорттойт.

6 МИҢДЕН АШУУН КИШИ ҮЙҮНӨ КАЙТА ЭЛЕК

Баткенде чек арадагы каргашада үй-жайын таштап чыгууга аргасыз болгон 6 миңден ашуун киши үйүнө кайта элек. Бул тууралуу Өзгөчө кырдаалдар министрлиги кабарлады. Эвакуация болгон 137 миңдей кишинин көбү туруктуу жашаган жерлерине кайтып барган. Бүгүнкү күндө убактылуу кабыл алуу жайларында 1145 жаран жайгашкан. Ал эми 4975 киши жакындарынын үйлөрүндө убактылуу баш калкалап жатат.

КЫРГЫЗСТАН-ӨЗБЕКСТАН КЫЗМАТТАШАТ

Кыргызстан менен Өзбекстан бирдиктүү туристтик долбоор түзүүнү пландап жатат. Бул тууралуу Инвестиция боюнча улуттук агенттиктин өкүлү Бакыт Дозоев Кыргызстандын ишкерлери менен мамлекеттик органдарынын жолугушуусунда билдирди. Анын айтымында, Өзбекстанга барган туристтер андан ары Кыргызстанга жөнөтүлөт. Же, тескерисинче, Кыргызстанга келгендер Өзбекстандын кооз жерлерин кыдыруу үчүн коңшу мамлекетке жиберилет. Б. Дозоев аталган долбоор жакын арада ишке ашат деген ниетин билдирди.

ТЕЙЛӨӨ ТАРМАГЫНДА ӨСҮШ БАЙКАЛДЫ

Статистика боюнча улуттук комитет Кыргызстанда жыл башынан берки ички дүң продукция өткөн жылга салыштырмалуу 7,2 пайызга өсүп, 597 миллиард сомду түзгөндүгүн билдирди. Маалыматта "Кумтөр" ишканасын эсепке албаганда ИДПнын көлөмү 555 миллиард сомдон ашып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 4,9 пайызга көбөйгөнү айтылган. Өсүш өндүрүш жана тейлөө тармактарында байкалган. Төмөн көрсөткүчтөр айыл чарба тармагында белгиленди.

КЫРГЫЗСТАНДЫ 126 МАМЛЕКЕТ КОЛДОДУ

Кыргызстан 2023-2025-жылдарга БУУнун Адам укугу боюнча кеңешине мүчөлүккө шайланды. Буга чейин биздин өлкө аталган кеңешке 2009-2012 жана 2016-2018-жылдары мүчө болгон. Бул сапар Азиялык топтон мүчөлүк үчүн Кыргызстан, Афганистан, Бангладеш, Вьетнам, Мальдив жана Түштүк Корея ат салышып, Кыргызстан БУУнун штабында 126 мамлекеттин колдоосуна ээ болуп, шайлоодон жеңип чыккан. “Кыргызстандын мындай абройлуу эл аралык органга тандалышы дүйнөлүк коомчулуктун өлкөнүн адам укуктарын коргоо боюнча салымын таанылганынан кабар берет”, - деп айтылат Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинин маалыматында.

МЕКТЕПТЕРДЕ КАРАНТИН КИРГИЗИЛЕБИ?

Кыргызстанда айрым жугуштуу оорулар көбөйдү. Айрыкча вирустук гепатит, SARS жана сасык тумоо күч алууда. Бул тууралуу саламаттыкты сактоо министринин орун басары Бүбүжан Артыкбаева билдирди. Анын айтымында мындан улам ооруканаларда карантиндик чаралар киргизилүүдө. Адис эгер жугуштуу оорулардын көбөйүү тенденциясы күч алса, мектептерге да карантин чараларын киргизүү сунушталарын айтты.

Бетти даярдаган
Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

САЯСАТ ДӨҢГӨЛӨГҮ

Генерал-лейтенант Исмаил ИСАКОВ:

“КЕМПИР-АБАД МАСЕЛЕСИН ЧЕЧҮҮДӨ КЫРГЫЗ БИЙЛИГИНИН БАШЫНА КЕЛГЕНДЕР ЭРКТҮҮ БОЛО АЛЫШКАН ЭМЕС”

- Исмаил Исакович, Жогорку Кеңеште Кыргызстан менен Өзбекстандын мамлекеттик чек арасын тактоо боюнча келишим тууралуу маалымат берилип, пикир алышуу, талкуу болуп өттү. Ага коомдук ишмерлер, депутаттар катышты. Сиз дагы ошол талкууга катышып, өз пикириңизди айттыңыз. Азыр коомчулук ошол маалыматты талкуулап жатат. Талкуу болуп, ар кандай пикирлер айтылганы туура эле болдубу?

- Биринчиден, биз долбоорду талкуулаган жокпуз. Ушуну баса белгилеп кетейин. “Кемпир-Абад маселеси каралат, келип талкууга катышып бере аласыздарбы” дегенинен макулдукту берип, атайын барганбыз. Жогорку Кеңешке кирер замат баарыбыз абдан ыңгайсыз абалда калдык. Президент жыйын ачык болот деп айтканына карабай болуп көрбөгөндөй текшерүү болуп, жада калса депутаттардын дагы телефондорун алып, журналисттерди аппаратсыз киргизишти. Ошондой абалды көрүп, кирбей эле коёюн дедим. Жогорку Кеңештин Төрагасына телефон чалып айттым, ал аксакалды киргизгиле дегенден кийин гана кирдим. Жыйындын башында Камчыбек Ташиев “Маалымат жабык болсун, калгандарын ачык кылалы” деди. Процедура боюнча талаш-тартыш болду. Комитетте мүчө болгон депутаттардын бир тобу, өзгөчө А.Мадумаров “документтер таратылбаса, колубузда эч нерсе жок болсо, регламенттин талабы одоно бузулуп жатса кантип, эмнени талкуулайбыз” деген жүйөлүү пикирин айтты. Жогорку Кеңештин мурунку депутаты катары мага өтө одоно көрүнүш болду. Талаш-тартыштан кийин бири пикир алмашуу десе, экинчиси коомдук угуу, үчүнчүсү комитеттин жыйыны дешип акырында башталды. Камчыбек Ташиев депутаттарга кайрылып, “маалыматты жабык эшик артында берейин...” деп, анысы дагы ызы-чуу болуп, акырында жабык эшик артында картадан, слайддан көрсөтүп, жеткиликтүү түшүндүрүп, кенен маалымат берди. Андан кийин ушул маселе боюнча аксакалдарды чакырдык эле, ошолордун оюн угуп коёлу деп биринчи сөздү Медеткан Шеримкуловичке берди. Ал киши өзүнүн пикирин айтты. Экинчи болуп сөздү мага берди эле, менден кичүү болсо дагы өзү Өзгөндүн кулуну, Жогорку Кеңештин Төрагасы болгон Алмамбет Матубраимов сүйлөсүн, андан кийин мен сүйлөйүн деп ага жол бердим. Үчүнчү болуп өз пикиримди айттым, бизден кийин коомдук өкүлдөр сүйлөштү, андан кийин депутаттар, алардын арасында А.Мадумаров жалындуу, фактыларга таянып, эмоцияга алдыруу менен сүйлөп, К.Ташиев мырзанын айткандары боюнча кызуу талкуу болду... Ошентип маселени ар кандай көз караш менен талкуулаганы абдан жакшы көрүнүш болду деп эсептейм.

- Чек ара маселесине 2000-жылдардан бери аралашып жүрөсүз. Бүгүн чоң талкууну жаратып жаткан Өзбекстан менен чек ара маселесиндеги талаш жараткан жерлердин тамыры кандайча башталганын айтып берсеңиз?

- Мен акыркы кол коюлган келишимби же протоколбу аны өз көзүм менен көргөн жокмун, жогоруда айткандай, депутаттар дагы башында документтер менен тааныштыгы жок экен. Ошондуктан, азыр келишим боюнча өз пикиримди айта албайм. Болгону, Камчыбек Ташиевдин бизге берген маалыматы боюнча пикирлерибизди айттык. Өзүңөр жакшы билесиңер, өткөн жылы апрель айынын башында Кемпир-Абад маселеси боюнча Камчыбек Ташиев кол койгон Ташкент протоколу улуттун кызыкчылыгына жооп бербейт деп өзүмдүн далилдеримди айтып чыккан элем. Менин макалам коомчулукка жарыялангандан кийин гана талкуу башталып, көпчүлүк кызыгуу менен окушуп, башындагы ызы-чуу ошодон башталган. Эгерде суу сактагычтын алдындагы жер боюнча айтсам, анын жалпы аянты 5731 га, өзбек тарап бизге 4127 гектар жерди компенсация катары таштак, суу чыкпаган жерлерден беришкен. Бүгүнкү күндө ал жерлерге элдер отурукташып, өздөштүрүшкөн. Бирок, документте жерге алмаштырдык деп так жазылган эмес. Биздикилер жер алмаштырылган эмес, компенсация катары гана берилген десек, өзбек тарап “Жок, биз анын ордуна бергенбиз” деп айтышат. Ар ким өзүнүн кызыкчылыгын көздөйт экен да. Андан башка өзбек тарап бизге Бүргөндү массивине 219 км канал салышы керек болчу. Андан жылына 227 млн куб суу өтмөк болгон. Биз ошол массивде 20 миңден ашык гектар жерди өздөштүрмөкпүз. Экинчи милдети, Өзгөн жана Кара-Суу райондорунун суу сактагычка жакын жайгашкан айылдарында суу чыгып кетпеши үчүн коллектордук-дренаждык тармактарды салууга милдеттүү болушкан. Аны да салышкан жок. Мындан сырткары Ханабадга келген 30 км жол салышы керек эле. Жазы суусуна көпүрө курууга милдеттенме алышкан. Союз тарап, өз алдынча республика болгондон кийин ал жерлер Өзбекстандыкы болгон соң бул милдеттенмелерди унутуп калдык. Эки милдеттенме бизге түз тиешелүү болгондуктан бир канча каттар барган. Бирок, Өзбекстан Кыргызстандын бийлигин тең ата көрбөстөн, өзүнө алган милдеттенмелерин аткарган эмес. 1975-жылы Ахматбек Сүйүнбаев 20-февралда милдеттенмелерин аткарбагандыгынын негизинде мурунку чек ара кандай өткөн болсо ошол боюнча калсын деген токтом чыгарат. Ал токтом ошол боюнча калып кеткен. Союз тарап, өз алдынча өлкө болгондон кийин маселе көтөрүлө баштады. Кемпир-Абад боюнча өз алдынча сүйлөшүү болушу керек эле. Тилекке каршы, кыргыз бийлигинин башына келген Акаев, Бакиев андан кийинки президенттер маселени чечүүдө эрктүү боло алышкан жок. Сүйлөшүүлөрдү кийинкиге жылдырып келе беришкен. Ошондуктан бул маселе оркоюп чыгып калды.

- Кемпир-Абад суу сактагычы салынгандан кийин бизге кандай кесепеттери тийди? Кыргыз бийлиги ошол кесепеттердин ордун толтуруу үчүн Өзбекстанга кандай талаптарды койгону тууралуу маалымат барбы?

- Өзбекстандын бийлиги биздин бийлик башындагы адамдарыбыз менен сүйлөшүп, Бүргөндү массивине сала турган болгон 219 км каналды атайын токтом менен 70 км кыскартышып, 149 км кылышкан. Мындан сырткары өзбек тарап суу сактагычтын дамбасын бизден уруксат албай туруп суунун деңгээлин көбөйтүш үчүн 2 м көтөрүп алышкан. Анын кесепетинен биздин элдин 7 миң гектар жерин суу басып калган. Талкууда ӨКМдин мурунку министри Мамбетжунус Абылов сөз сүйлөгөндө Кара-Суу районундагы үйлөрдү суу басып кеткенин айтты. Биз депутат болуп тургандыктан бул маселе боюнча кайрылуулар көп келген. Абалды жакшы эле билчүбүз. 7 айыл өкмөттүн айылдарын суу каптаган. Көзү өткөндөрдү жерге көмө албай калганбыз. Суу сактагычка жакын жайгашкан элибиздин 5006 гектар жери туз чыккандыктан түшүм бербей, 800дөн ашык үй жараксыз болгон. Ошол жерде жашагандар турмуш шартын оңдоо үчүн айласы жок Россияга мигрант болуп кетүүгө мажбур болушкан. Ушундай учур жаралып жатса дагы биздин бийлик өзүнүн бекем позициясын билдирип, доо койгон эмес. Кыргыз бийлигинин эң чоң кемчиликтеринин бири ушул. Бизге окшогон оппозициядагы саясатчылар талапты бийликке айтып келгенбиз. Бирок, эч кандай иштер аткарылбаган. Ал эми Ташкент протоколунда Ала-Бука районундагы Орто-Токой суу сактагычы кирип калган. Мен далилдерим менен макала жарыялаганда, ошол жердин компенсациясын сурабайсыңарбы деп айткам. Өзбек тарап биздин суунун эсебинен 40 миң гектардан ашык жерди өздөштүрүштү. Элин жумуш менен камсыз кылышты. Мен буудай эксе кандай киреше тапса болот деп эсептеп чыккам. Алар 2,5 млрд доллар пайда табышкан. Мындан сырткары биздин аймакка 2 ГЭС салышты. Экинчи ГЭСи 2006-жылы эле бүткөн, бирок 2019-жылдын башында реконструкция кылып толук бүтүшүп, жылына 500 млн кВт/саат электр энергия ала тургандай кубаттуулугун көтөрүшкөн. Жок дегенде ошол ГЭСтердин үлүшүнө кирбейсиңерди, бизге өткөн өзүбүздүн Орто-Токойду эмнеге бересиңер деп сындаган элем. Азыр ошол бойдон өзүбүздө калыптыр. Андан башка Гавасайды жана башка үч төрт жерлерди биз алыппыз.

- Сиз бүгүнкү абалды эске алганда, К.Ташиевдин берген маалыматы колдоого татыктуу дегендей пикириңизди айттыңыз. Бүгүнкү кайсыл абалды эске алышыбыз керек?

- Кечээги маалыматта суунун деңгээлин 900дөн ашырбайбыз деп кол коюлганы айтылды. Суу азайганда бош калган жерлерди элге бөлүп беребиз деп айтты. Эң негизги маселе, Камчыбек Ташиев “Эки тарап сууну талашпасын деп 50-50 пайыздан адамдарды дайындап, бирге башкарууну чечтик” деди. Бул жерде сууну пайдаланганда бир тарапка көбүрөөк кетип калса, токтогула деп айтканга мүмкүнчүлүк ачып жатат. Ушул кезге чейин Кемпир-Абадда сууну башкаруу процессине бизди катыштырбайт эле, такыр киргизбейт болчу. Сол жагынан Савайга суу кетет. Өзбек тарап суунун башын тосуп алышкан. Сууну кандай бөлүштүргөнүн эч ким билчү эмес. Ошолор берген сууга карап жерибизди сугарганбыз. Эми кайсыл жакка канча суу кетип жаткан эки тарап тең конкреттүү түрдө билет. 1980-жылы суу сактагычтын биринчи бөлүгү бүткөндө биздин калкыбыздын саны 3,6 млн болсо, алардын калкынын саны 15,9 млн эле. Бүгүн биз 7 млн кишиге жетейин деп турсак, алардыкы 35,9 млн. Мындан сырткары, Анжиян облусу элдин жыштыгы боюнча дүйнөдө үчүнчү орунда турат. Биринчи Мексика, экинчи Индия, үчүнчү Кытай дагы эмес, Анжиян облусу экен. Келечекке божомол кылып көргөндө, 2050-жылы кыргыздардын саны 10-11 млн элге жетсе, өзбектер 55-56 млн болуп өсөт. Демек, суу колдонуу бизде 2 эсеге көбөйсө, аларда 3 эсеге көбөйүп жатпайбы. Эгер биз сууну башкарууга катышпасак, алар өздөрүнө керек сууну чыгара берет. Бизге керектүү сууну кантип алабыз? Ушул тарабын алып караганда, сууну биргелешип башкаруу бизге ыңгайлуу болуп жатат. Интернетте мени алардын калкынын саны көбөйгөндүгүнөн коркуп жатат деп айтып жатышат. Андан эч ким корккон жок. Башкаруу 50-50 болмок болду, келишимге жазылды дегени мурункуга караганда кыйла алдыга жылыш болуп жатат. Экинчиден, дүйнөдөгү геосаясий абалды, аймактагы коопсуздукту, саясий маселени карап көрөлү да. Бүгүн биз кандай чордонго айландык?! Азыр Орто Азия чөлкөмүндө Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда чоң чатак чыкчу абалда турабыз. Азыр да келишимди болбойт деп жокко чыгарып койсок, кийин адам саны көбөйүп, сууга болгон муктаждык өскөндө өзбектер да, биз да көп суу алганга аракет кылабыз. Ал чырга айланышы мүмкүн. Геосаясатта Кыргызстанда от чыгарабыз дегендер бар экенин эске алып, бизди ким колдоп жатканына да көңүл бурушубуз керек. Чоң өлкөлөр бизге агрессия жасаган тарапты кыралдандырып жатат. Биз ким менен-биз?! Азыр бизди колдогон түрк менен өзбек туугандар эле. Эгер кийин ушул маселеден чыр чыгып кете турган болсо, анда азыркы 4 миң гектар жерибизди эмес, 400 миң гектар жерибизди жоготобуз. Канчалаган өлүм болуп калышы ыктымал. Ошондуктан, Камчыбек Ташиевдин айткан маалыматынын негизинде колдоого татыктуу экен деп айттым. Чындыгында маалыматты укканда бир топ жылыштар болгонун айтып коюшум керек. Бул белгилей турган нерсе. Бир тарапты эле айта берген туура эмес. Толук маалыматы жок кээ бирөөлөр туура түшүнбөй, “генерал бийликке өтүп кетти” деген сөздөрдү айтып жатышат. Кайсыл бийлик келбесин, ал өз элине эч качан жамандык каалабайт. Мен дагы бийликте болгом. Азыркы бийликте турган инилерим дагы элге жакшылык кылалы деп ойлоп жатса керек деген ойдомун.

- Талкууга катышкан депутаттар аксакалдардан кеңеш сурештыбы? Сиздин жыйын учурунда айткан пикириңизди келишим боюнча айткан так позицияңыз деп кабылдаш керекпи?

- Депутат Мирлан Самыйкожо “Аксакалдар, бизге эмне деп кеңеш бересиңер? Силердин чечимиңер кандай?” деп сурап калды. Аксакалдар сиз жооп бериңиз деп мага айтышты. Бүгүн өзүңөр айткандай талкуу болду. Биз ушул талкуу боюнча гана пикирибизди билдирдик. Бирок, мен документтерди өз көзүм менен көрүп, үтүрүнө чейин окуп чыкканда гана өзүмдүн жарандык позициямды так, ачык билдирем деп айттым. Себеби, “Казнить нельзя помиловать” деген сөз бар. “Казнить” деген сөздөн кийин үтүр койсоң өлүмгө кетесиң. “Казнить нельзя” дегенден кийин үтүр койсоң тирүү каласың. Ушул сыяктуу документти дыкат окуп чыгыш керек.

Наралы АСАНБАЕВ

Тил жөнүндө мыйзамга 33 жыл

ТИЛИ ТАЗА УЛУТТУН – ДИЛИ ТАЗА

КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов тарабынан бекитилген "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" КР Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин бир айлыгы 23-августтан 23-сентябрга чейин жарыяланып, 30дан ашуун иш-чаралардын планы бекитилген.
Аталган иш-чаралардын планына ылайык иштер ырааттуу аткарылып, аягына чыгып, жыйынтыктоочу, салтанаттуу иш-чара 11-октябрда КР Улуттук тарых музейинде болуп өттү. Иш-чарага КР Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетов, Кыргызстан элинин Ассамблеясынын төрагасы А.Эркебаев, КР Баатыры М.Шеримкулов жана Президенттин Администрациясынын, Министрлер Кабинетинин өкүлдөрү, бардык министрликтердин, ведомосторлордун тил адистери, ЖК депутаттары, жогорку окуу жайлардын ректорлору катышты. Салтанаттуу иш-чара КР Гимни менен башталып, КР президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев бир айлыктын алкагында аткарылган иштер туурасында маалымат берди.

Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек ОСМОНАЛИЕВ:

"МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ – АСТЕЙДИЛ МАМИЛЕ МЕНЕН АЗДЕКТЕЛИШИ ЗАРЫЛ"

- Кечээги Баткен окуяларына байланыштуу "КР мамлекеттик тили жөнүндө" КР Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата салтанаттуу жыйыныбыз артка жылдырылып, бүгүн өтүп жатат. Негизинен Мамлекеттик тилдин бир айлыгы боюнча иш-чараларга министрликтер, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, райондук мамлекеттик администрациялар, Бишкек шаарынын мэриясы өзгөчө жигердүү катышышты. "Кыргызтест" мамлекеттик ишканасы бир катар чет өлкөлөрдө жана республиканын бир канча коомдук жайларында офлайн тест тапшыруу өнөктүгүн өткөрүштү. Жалпысынан 320дан ашуун коомчулуктун ар кыл катмарынын өкүлдөрү кары-жашына карабай жеке демилгелери менен өтө ынтызарлыкта катышкан тесттер коомчулуктун алдындагы мекеме ишинин жоопкерчилигин дагы да арттырды. Бишкек шаары боюнча сентябрь айында 226 жарнама баннери, 78 штендер алынып, 512 эскертүү кагазы берилди. Ал эми Ош облусунда 215, Ош шаарында 54 жарнама алынды. Мындай иштер Жалал-Абад облусунда уланып, жалпысынан 136дан ашуун мыйзам талаптарына жооп бербеген жарнамалар жок кылынды. Мамлекеттик тил маселелерине арналган телерадиоберүүлөр уюштурулуп, бир айдын ичинде республикалык телеканалдарда 2989 мүнөт, аймактык телеканалдарда 1750 мүнөт убакытты түзгөн берүүлөр коомчулукка көрсөтүлдү. Улуттук телерадио корпорациясынын "Баластан" каналы аркылуу 2021-жылы 347 сериялуу 4793 мүнөттүк 13 мультфильм, ЭлТР мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы аркылуу үч аталыштагы 208 сериялуу 1976 мүнөттүк анимациялык мультфилимдер кыргызчага которулуп эфирден кетип жатат.

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография департаменти тарабынан 23-августтан 23-сентябрга чейин аймактык кинотеатрларда көркөм, даректүү, мультипликациялык фильмдер акысыз көрсөтүлдү. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кеңири масштабы тартылган дагы бир маанилүү өнөктүк "Сабаттуу жазуу" жумалыгы болду. Ага министрликтерден жалпы 958 мамлекеттик кызматкер тартылса, Бишкек шаарынын 4 районунан 108 муниципалдык кызматкер, департаменттердин, агенттиктердин жана мэриядан жалпы 235 кызматкер жат жазуу жазышты. Жалпысынан алганда бир айлыктын алкагында мерчемделген ар бир милдет боюнча иштер толугу менен аткарылып, алардын басымдуу бөлүгү мындан кийин да өз нугунда улана берет. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө багытталган иштер чектелүүгө тийиш эмес. Мамлекеттик тил – ар бир атуулдун жүрөк кагышы токтогончо жашап, ага болгон камкордук, сүйүү, астейдил мамиле менен аздектелиши зарыл. Өлкөбүздө ар дайым эгемендигибиздин байрагы желбиреп, эркиндигибиздин символдору, мамлекеттүүлүгүбүздүн атрибуттары түбөлүккө жашай берсин.

Андан соң Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов, Кыргызстан элинин Ассамблеясынын төрагасы Абдыганы Эркебаев, КР Баатыры Медеткан Шеримкуловдор төмөнкүлөргө токтолушту.

Мамлекеттик катчы Сүйүнбек КАСМАНБЕТОВ:

"АБДЫГАНЫ АГАЙДЫ ДА, МЕДЕТКАН АГАЙДЫ ДА АТЫП САЛЫШМАК..."

- Кадырлуу туугандар, алгач тил саясатында тил маданиятын түптөөгө зор салым кошкон ошол учурдагы жоокерлер тууралуу айтсам сиздерге жеткиликтүү болот го дейм. Биз 1986-жылы 5-курста окуп жүргөндө Жогорку Кеңештин экс-төрагасы, академик Абдыганы Эркебаев агайыбыз тил боюнча макалаларды жазып чыга баштады. Кечинде ал кишинин жазгандарын көчүрүп, бирибирибизге таркатчубуз. Мындан сырткары "Качан Абдыганы Эркебаевди камап салышаар экен" деп ойлончубуз. Ал макаласы чыккандан бир ай өттү, камалган жок. Кийин экинчи доклады чыкты. Абдыганы агайдын гезитке чыккан материалдарын таркатып жүрүп, ошол учурдагы коопсуздук органдарынын кызматкерлерине түшүнүк кат жазган күндөрүбүз да болду. "Мындай адамдар эмнеге коркпой, ушундай макалаларды жазат" дечүбүз. Биринчи жолу баарыбызды селт эттирип, канды дүрбөтүп, "тил жоголуп кете электе тилибизди мамлекеттик деңгээлде көтөрүп чыгышыбыз керек" деп академиялык чөйрөдө ушул А.Эркебаев агай айтып баштаган. Жогорку Кеңеште төрага болгондо жанында жүрдүм. Түрк тилдүү мамлекеттердин жыйынында кыргызча сүйлөп отуруп алчу. Анда улут аралык тилдер бар эле, алардын бардыгына таасир эткен жок. Ал убакта жүрөктө жалыны бар адам гана ушундай эл ойготоор, журт ойготоор макалаларды жазып, курч сөздөрдү айта алчу. Андыктан Абдыганы агай мамлекеттик тилдин айныгыс жоокери. Ошондой эле КПССтин борбордук комитетинин таасири күч болуп турганда Медеткан Шеримкулов агай кыргыз тили боюнча доклад жасап, андан кийин бул кишиге кыргыз тили жок бир дагы документ кагаздар кирбей калган. Орус тилиндеги документтерге кыргызча тапшырмаларды бере баштаган. Алгачкы жолу кыргыз саясатынын тарыхында мамлекеттик иш-кагаздардын концепциялары, программалары, тапшырмалары кыргыз тилинде жүрө баштаган. Ушундан кийин Медеткан Шеримкулович далай кысымдарды башынан өткөргөн. Агай менен иштешип жүргөндө бир кызык окуяга туш болгом. Анда котормочу болуп иштечүмүн. Бир депутат "Ай туугандар, элдин маанайы пас, сабыры суз. Тополоң, будуң-чаң. Билермандар биттин ичегисине кан куюп, жумурткадан кыр издеп, бири-бирине кыр көрсөткөн адамдар көбөйдү" деп сүйлөп жатат. Мен муну орусчага которушум керек эле. Күчүм жетпей ордумдан тура качтым. Эртеси кызмат ордумду эмнеге таштап качканымды айтып Медеткан Шеримкуловичке түшүнүк кат жазгам. Мына ушундай оор күндөрдө ушул аксакалдарыбыздын эл үчүн, кыргыз тили үчүн жасаган эмгектери зор болгон. Ал бааланышы керек. Эгер 1937-жыл болгондо Абдыганы агайды, Медеткан агайды да сурабай туруп атып салышмак. Багыбыз бар экен, эки агайыбыз тең ойлогон – ой-максаттарына жетишти. Арабызда акыл айтып, журт аталары болуп отурушат. Тил жоокерлеринин аягы суюлган жок. Андыктан, тилибизди дилибизден чыгарбай, даңазалап жүрүшүбүз абзел. Кыргыздын көрүнүктүү акыны Байдылда Сарногоев:

"Ий мөөрөйт уйдун тилинде,
Кой маарайт койдун тилинде.
Уй, койдон артта калдыкпы?
Улуттук тилди билүүдө" – деп тил жоголуп баратканда жаны кашайгандан жазган. Бул – доор үндөрү. Тилди Кыргызстанда жайылтууда, аны эң керектүү куралыбызга айлантууда жалгыз Каныбек Осмоналиевдин алы келбейт. Тил ар бирибиздин көкүрөгүбүздө, жүрөгүбүздө болушу кажет.

Кыргызстан элинин Ассамблеясынын төрагасы Абдыганы ЭРКЕБАЕВ:

"АР БИР ЖАРАН КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨП, АРАКЕТТЕНСЕ ЖЫЛЫШТАР БОЛОТ"

- Улуттун байлыгы бул – тил. Мына бүгүн ошол тилибизди урматтап отурабыз. Кудай жалгап 1991-жылдан бери дүйнө тааныган мамлекетпиз. 1989-жылдан тарта тил саясатын өнүктүрүүдө бир топ иштер жүрдү. Ошол жылы "мамлекеттик иш-кагаздарды мамлекеттик тилде жүргүзөбүз" деп 10 жылдык план түзүлгөн. Ал аткарылган жок. Бирок, кийин турмуш оңоло баштады. Дагы 10 жылдык план түзүлдү. Кыргыз тили жөнүндө мыйзамдар кабыл алынды. Ошентсе да, менин өкүнгөнүм мамлекеттик иш-кагаздар толугу менен кыргыз тилинде жүрбөй келди. СССР маалында деле анчамынча, аймактарда жашаган орус улутундагылар кыргызча сүйлөчү. Учурда кыргыздардын көпчүлүгү орусча сүйлөшөт. Кыргыз эмес сырттан келген туристтер Кыргызстанга келээрде "кыргыздар кандай тилде сүйлөшөт?" деп кызыгып, кыргызча аз болсо да үйрөнүп алып келип жатышат. Ал эми биздин мамлекетте жашаган башка улуттун өкүлдөрүнүн көпчүлүгү кыргызча билишпейт. Мындан улам, ар бир адамда жоопкерчилик деген болушу керек. Албетте мамлекет шарт түзүп бериши абзел. Бирок, ар бирибиз мамлекет мага шарт түзүп берет деп отура бербей, мамлекеттик тилде сүйлөп аракет кылсак эле жылыштар болот. Милдеттүү түрдө бардык нерсе кыргызча болсо, башка эл аргасыздан кыргыз тилинде сүйлөйт. Андыктан, жалпыбыз мамлекеттик тилибизди өнүктүрүүгө жапа тырмак киришсек гана ийгиликке жетебиз.

КР Баатыры Медеткан ШЕРИМКУЛОВ:

"МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ДЕГЕН СТАТУС БЕРҮҮГӨ КӨП КИШИ КАРШЫ БОЛГОН"

- Мындан 33 жыл мурда Жогорку Кеңештин кезексиз сессиясында ушул тарыхый документ кабыл алынган. Анын тарыхы мындай. Биздин улуу инсаныбыз Касым Тыныстанов кыргыз тилибиздин башатында турган. Тилекке каршы ал инсан 1938-жылы атууга кеткени баарыбызга маалым. 1989-жылы кыргыз тили боюнча Жогорку Кеңеште мен доклад жасап, талкуу кылып, мамлекеттик тил деген статус берилди. Ошондо кыргыз тилине мамлекеттик тил деген статус берүүгө көп киши өзгөчө орус тилдүүлөр каршы болгон. Ошентсе да биздин аракетибиз ишке ашты. Бул тарых. Учурда кыргыз тилине каршы чыккандар жок. Конституцияда кыргыз тили мамлекеттик тил деп жазылып турат. Анткен менен биз аны өзүнүн статусуна жараша иштете алдыкпы деген суроо жаралат. Эгер тилибизди статусуна жараша иштете албай жатсак, бул биздин кемчилигибиз. Тилибиздин өнүкпөй жатканына башканы күнөөлөө туура эмес. Президентибиз баш, төрагасы төш болуп бардыгыбыз кыргыз тилде сүйлөгөнгө көнөлү. Кыргыз тилинин кадыр-баркы ошондо көтөрүлөт. Мына быйыл Мамлекет башчыбыз Садыр Жапаров БУУнун жыйынында жакшынакай болуп кыргызча сүйлөдү. Бардыгыбыз кубандык. Ушундай деңгээлге жетишибиз керек. Менин тилегим – кыргыз элинин тили, эли, мамлекетибиз түбөлүктүү болсун!

Салтанаттуу иш-чарада мамлекеттик тилге салым кошкон айрым кызматкерлерге КРнын Президентинин алкышы, Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары ыйгарылды. Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынан чыгарылган китептердин жана Кыргызстан калкынын Ассамблеясы тарабынан даярдалган көргөзмө да уюштурулду. Соңунда чакан концерттик программа менен жыйынтыкталды.

Жазгүл КАРБОСОВА

ИЖАРА АКЫ КАЙДА БАРАТ?

“ТЕЗ АРАДА БАТИР КЕРЕК” ДЕГЕНДЕР КӨБӨЙДҮ



Үстүбүздөгү жылдын 21-сентябрында жарым-жартылай жарыяланган аскердик мобилизацияга байланыштуу Орусиянын айрым жарандары өз өлкөсүнөн чыгып кетишти. Негизинен Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстанга киргендердин агымы көбөйдү. Орусиянын чек ара, өткөрмө бекеттеринде узун кезек жаралып, аба жана темир жол билеттеринин баасы кескин кымбаттады. Мындан улам согушка баруудан баш тарткан орусиялык жарандардын Кыргызстанга келгендеринин саны да миңдеп саналат. Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу калкты каттоо департаментинин маалыматы боюнча, 2022-жылдын тогуз айында өлкө аймагына кирген жалпы чет өлкөлүктөрдү каттоонун саны 475 миңден ашуун болгон. Келип жылуу жумшак орношуп алган орусиялыктардын негизги бөлүгү Бишкек шаарында. Алар Кыргызстан жөнүндө ой-пикирлерин социалдык тармактарга жарыялашууда.

"КЫРГЫЗДАР МЕЙМАНДОС, ЖАКШЫ ЭЛ ЭКЕН"

Бишкекте жаңы жашоо баштаган орусиялыктар азыр шаар кыдырып, байкоо жүргүзүп, “мындан ары бөтөн эл, бөтөн жерде кантип жашоо кечиребиз, Кыргызстандын шартына жараша кандай ишкерлик кылсак болот” деген түйшүктүү ойлору, иш пландары менен алек болушууда. Алардын арасында достору менен чогуу келген орусиялык Денис аттуу жигит өз мекенинде өрт өчүргүч болуп иштеген. Виталий – музыкант. Орусияда абал абдан чыңалып турганда Кыргызстанга унаа менен бир жума дегенде келишкен. Виталийдин айтымында, анын балалыгы атасынын жумушуна байланыштуу Украинада өткөн. Кийин Орусияга көчүп келишкен. Ага Орусияда жашоо абдан кыйын болгон. Паспорту Украинаныкы болгондуктан, эч бир жумушка кабыл албай дароо баш тартышчу экен. Туруктуу жумушу жок болгондуктан, жер өтмөктөрүндө ырдап жан багып жүргөн. Курулушта иштеп, кийин ITге кызыгып, интеллектуалдык жөндөм менен каражат табууга кирип кеткен. Виталийдин айтымында Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын жарандарына артыкчылык берилгендиктен, алар үчүн жумушка орношуу көп деле кыйынчылык жараткан эмес. Ал эми соңку кырдаал өлкөнү таштап кетүүгө мажбур кылган.

Саякаттоого, блогерликке кызыккан Денис кыргыздар менен казактар абдан кичипейил, кайда барбасын кучак жайып тосуп алган меймандос эл экендигин айтат. Бул жакка келгиче “Силерди жактырбайт. Жакшы кабыл албайт” деген сыяктуу терс ой-пикирлерди социалдык тармактардан окушуп, абдан тынчсызданышкан. Келгенде баары башкача болуп чыкты. “Жолдо келе жатканда акысыз эле курсагыбызды тойгузуп, унаабызга май куюп узатып жатышты. Меймандос эл менен таанышып, телефон алыштык” дейт ал.

Достордун бири Андрей өзү дарыгер болсо да, ишкерлик кылууга кызыгат. Кыргызстанда ITге байланыштуу бизнес ачсамбы деген ойдо. Бул жакка учак менен келгендиктен кыйынчылык деле болгон эмес. Андан кийин кырдаал курчуп, аба майданында маселе жаралып, текшерүүлөр күчөп, билет баалары кескин түрдө кымбаттаган. Бирок, Орусиядан кетүүнү каалагандарга эч бир тоскоолдуктар деле жаралбагандыгын айтат. Бул достор үчүн Бишкектен турак жай табуу кыйын болду. Эки бөлмөлүү батирдин ижара акысы 55 миң сом жана ага кошуп 200 доллар депозит калтыруу керектигин батир ээси айткан. Буга макул болушпай, учурда 48 миң сомго ижарага алган 3 бөлмөлүү батирде жашап жатышат.

Экономикалык кризиске жана тышкы факторлорго байланыштуу Борбор Азиянын ири шаарларында, анын ичинде Бишкекте суроо-талап көбөйгөндүктөн батирлердин ижара акысы кескин жогорулады. Борбор калаада айрыкча өткөн жумада мейманканаларда бош орун дээрлик калган эмес.

ИЖАРА АКЫ КЕСКИН ЖОГОРУЛАДЫ

Батир акысынын кымбаттоосунан учурда шаардагы туугандар, жакындар, достор, кесиптештер, тааныштар каржылык жана моралдык кыйынчылыктарга кабылышып, көпчүлүгү туугандарынын, тааныштарынын үйүнө барып жашоого аргасыз болушууда. Ижара акысы арзанираак турак жай таба албай убара болгондор мындан да көп.

Инстаграмда турак жай табуу үчүн жарнамалык аккаунттун ээси Дайыр Тыныбек уулунун айтымында, азыркы учурда жергиликтүү тургундардан жана Орусиянын жарандарынан батир издөө боюнча кайрылгандар абдан көп. Ошондуктан баалары да улам көтөрүлүүдө. Адатта батир карагандар районун, мөөнөтүн, акысын билип, мүмкүнчүлүгүнө жараша сураштырып, шашпай издешчү. Ал эми азыр райондорду карабастан, негизгиси батирдин ремонттолгонун жана шарттарын сурап эле алып жатышат.

Инстаграмда турак-жай табуу боюнча жарнамалык аккаунттун дагы бир ээси Светлананын айтымында (ал атын атабоону суранды) Бишкекте бир батирдин баасы жаздан бери болжол менен 33%га кымбаттаган, азыр дагы өсүүдө. Сентябрь, октябрь айларында жаңы окуу жылынын башталышы менен аймактардан келген көптөгөн жарандар Бишкектен студент балдары үчүн турак-жай издешет. Орусиялыктардын келиши менен талап 2-3 эсеге өстү. Азыр «тез арада батир керек» деп кайрылышууда. Минте берсе баалардын ылдый түшүүсү күмөн.

Бишкектеги эң арзан бир бөлмөлүү батирлер мурда 15 миң сомдун тегерегинде болсо, азыр аймагына, сериясына, шартына, аянтына жараша 20 миң сомдон 50 миң сомго чейин көтөрүлдү. Мурда Тунгуч, Жал жана 12-кичирайондордон табылган бир бөлмөлүү батирлер бүгүнкү күндө 40 миң сомго чейин чыгып олтурат.

КАЛАА БАШЧЫСЫ

Эмилбек Абдыкадыров өткөн жумада мындай кырдаал жаңы окуу жылына жана суук түшүп жаткан маалга туш келгенин, суроо-талап күчөгөндүктөн ижара акысын эки-үч эсе кымбаттатып, анан калса жаңы баада төлөй албаган мурунку тургундарды батирден чыгарып салышканын айтып, ижарага батир бергендерди бааны көтөрбөөгө, кайдыгер болбой, бири-бирин колдоого чакырган эле.

БАТИРДЕН ЧЫГАРЫЛГАНДАРГА ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ

Ижарага алынган турак жайдан чыгарылган жарандар юридикалык кеңеш алуу үчүн Юридикалык жардам кызматына кайрылса болоорун Юстиция министрлигинин маалымат кызматынан кабарлады.

Аталган борбор Юстиция министрлигинин алдында түзүлгөн. Ал жерде юристтер жана жактоочулар турак жайларды ижарага алуу маселелери боюнча квалификациялуу кеңештерди беришет. Бардык суроолор боюнча Бишкек шаарындагы **Жибек Жолу проспектиси, 381, 3-кабат** дарегине жана **(0555) 80-82-70** телефонуна чалсаңыздар болот.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

АЙМАКТАРДА

ОШТО СОЦИАЛДЫК ШААРЧА, ООРУКАНА, МЕКТЕП КУРУЛДУ

Ош облусунда Кувейттин Ас-Сафа коомдук фондунун колдоосу менен социалдык шаарча, оорукана жана мектеп курулду.

Өзгөн районунун Куршаб айыл өкмөтүндө оорукана жана мектептин жаңы имараты курулуп, пайдалануу берилди.

Куршаб айылында муктаж үй-бүлөлөрдүн балдарына колдоо көрсөтүү максатында курулган 300 орундуу “Аманат-Ош” билим берүү мекемеси керектүү эмеректер менен жабдылган. 20 окуу жана административдик бөлмөлөрү бар. Эки кабаттуу окуу корпусунда кийим алмаштыруучу, жуунуучу бөлмөлөр, спорт зал, 104 орундуу эркек балдар, 104 орундуу окуучу кыздар үчүн жатакана, ашкана жана футбол талаасы бар.

Ошондой эле Кара-Суу районунун Катта-Талдык айыл өкмөтүндөгү Эшме айылында 152 үй-бүлө үчүн “Эне жана балдарды коргоого багытталган ”социалдык шаарча ачылды.

Пайдалануу берилген жаңы социалдык обьекттер – Кувейт мамлекетинин “Ас-Сафа” фондунун каржылоосу менен Катта-Талдык айыл өкмөтүнүн Эшме айылындагы 4 гектар жерге заманбап, бардык шарттары бар 152 кожолукка 38 батир, ФАП, азык-түлүк дүкөнү, кичи футбол аянтчасы, мечит, 40 орундуу тигүү цехи камтылган.

МЕКТЕПТЕРДИН АЙЛАНАСЫНДАГЫ ДҮКӨНДӨРГӨ РЕЙД ЖҮРДҮ

Жалал-Абад шаарындагы мектептердин айланасындагы дүйкөндөргө рейд жүргүзүлдү.

Рейдге Жалал-Абад шаарынын мэринин орун басары Гүлбарчын Таштанбекова, шаардык ички иштер бөлүмүнүн, салык кызматынын, шаардык билим берүү бөлүмүнүн кызматкерлеринен турган комиссиялык топ катышты. Рейддин алкагында мектепке жакын жайгашкан дүкөндөрдүн ээлерине спирт ичимдиктерин, тамеки жана энергетикалык суусундуктардын 18 жашка толо элек балдарга сатылбашы керектиги эскертилди.

Мектепке жакын 23 дүкөндүн сатуучусуна түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, 4 дүкөн ээсине эскертүү берилди. Алдыда мындай рейддер дагы уланат.

ЫСЫК-КӨЛДӨ ЖАҢЫ ИМАРАТ

Ак-Суу районунун Боз-Учук айылында милиция бөлүмчөсүнүн жаңы имаратынын ачылыш аземи болду.

Иш-чарага Президенттин Ысык-Көл облусундагы өкүлү Илияз Иманбетов, облустук ички иштер башкармалыгынын башчысы Канат Жумагазиев, Ак-Суу районунун акими Мунарбек Насиров, ошондой эле райондук милициянын жетекчилиги жана өздүк курамы, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, милициянын ардагерлери катышты.

Облустук милиция башчысы Жумагазиев буга чейин айылдык милиция бөлүмчөсүнүн кызматкерлери Боз-Учук айылындагы ар кандай административдик имараттарда иштөөгө аргасыз болуп келгенин белгиледи: "Эми жаңы имаратта милиция кызматкерлери жарандардын кайрылууларына жана даттануларына өз убагында чара көрүүгө, 6 айыл өкмөттүн элине кызмат көрсөтүүгө, ошондой эле кылмыштуулуктун бетин ачууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Жаңы милиция бөлүмчөсүндө сапаттуу иштөө үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Жарандарды кабыл алуу үчүн заманбап бөлмөлөр, участкалык милиция кызматкерлери менен балдар иштери боюнча инспекторлордун иш бөлмөлөрү, ошондой эле коомдук алдын алуу борборунун өзүнчө бөлмөлөрү бар" деди ал.

ДАЙЫНСЫЗ КЫЗ АМАН-ЭСЕН ТАБЫЛДЫ

Каракол шаарында дайынсыз болгон 7 жашар кыз аман-эсен табылды. Ысык-Көл облустук милициясынын маалыматына ылайык, 11-октябрь күнү болжол менен кечки саат 17:00 чамасында Каракол шаардык ички иштер бөлүмүнө жергиликтүү тургун кайрылып, анын 7 жашар кызы эртең менен саат 8де мектепке кеткен бойдон дайынсыз болуп жаткандыгын билдирген.

Кайрылуу түшкөндөн кийин дароо эле Каракол ШИИБнин өздүк курамы кызды издөөгө тартылып, издөө иштеринин натыйжасында кыз аман-эсен табылып, ата-энесине өткөрүп берилген.

“Эркин-Тоо” пресс

Бекем достуктун символу

Президент Садыр ЖАПАРОВ:

“БАРДЫК АЛАКА-КАТЫШТАРДЫ ЫКЧАМДАТУУГА ДАЯРБЫЗ”

Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев Кыргызстанга биринчи жолу мамлекеттик сапары менен келди. Аны Президент Садыр Жапаров тосуп алды.

Алгач эки өлкөнүн мамлекет башчылары тар чөйрөдө жолугушту. Андан кийин Азербайжан Президентинин Кыргызстанга болгон мамлекеттик сапарынын алкагында эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттер аралык кеңештин биринчи отуруму болуп өттү.

КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ЖАҢЫ ДЕМИ

Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгына канааттанганын жашырбаган Президент Садыр Жапаров Бакуга болгон расмий иш-сапарынан жарым жыл өткөндөн кийин Азербайжан Президенти Ильхам Алиевдин кыргыз жерине келишин кубануу менен кабыл алып, бул эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелердин бекемдигинин далили экендигин белгиледи. Ал жолугушууда стратегиялык өнөктөштүктүн деми менен мамлекеттер ортосундагы эки жана көп тараптуу кызматташтыктын актуалдуу меселелери боюнча мазмундуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөндүгүн айтты. Бул сапарга эки өлкөнүн ортосундагы стратегиялык өнөктөштүктүн логикалык уландысы катары өзгөчө маани беррин белгилеп, аны жандандыруу жана кеңейтүү багытынын өзгөрбөстүгүн белгиледи. Президент Садыр Жапаров белгилегендей, мамлекеттер аралык кеңештин ишке кириши жана кол коюлган макулдашуулар саясий жана соода-инвестициялык чөйрөдөгү кызматташтыкты активдүү өнүктүрүүнүн айкын көрсөткүчү.

Дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгынын алдында кийинки баскыч катары Биргелешкен өнүктүрүү фондунун ишин тездетүү, кызматташтыкты өнүктүрүүнүн 5 жылдык комплекстүү программасына кол коюуга жетишүү жана 2023-жылы Кыргызстандын Маданият күндөрүн Азербайжанда, ал эми 2024-жылы Азербайжандын Маданият күндөрүн Кыргызстанда өткөрүү боюнча макулдашылды. Мындай кадамдар эки тараптуу мамилелердин мындан аркы жакшы өңүттө өнүгүшүнө зор салымын кошот деп ишенет Мамлекет башчысы Садыр Жапаров.

“Биздин алдыбызда стратегиялык максаттарды жана ишаракеттер алгоритмин, ошондой эле келечектеги мамилелердин багыттарын, мазмунун жана мүнөзүн аныктоо милдети турат. Биз мамлекеттер аралык мамилелерди бийик деңгээлде кармоого, кызматташуунун механизмдери боюнча бардык алака-катыштарды ыкчамдатууга даярбыз” деди Президент. Ошондой эле ал Азербайжан бизнес коомчулугун Кыргызстанга чакырып, аларды коргоого кепилдик берээрин, эң ыңгайлуу шарттар түзүлөрүн убадалады.

Жолугушуунун жүрүшүндө Азербайжандын президенти Ильхам Алиев Кыргызстанга болгон мамлекеттик сапарында жетишилген келишимдер бардык тармактарда кызматташтыкты жакшыртаарына ишенерин айтты. Соода жүгүртүү боюнча сандар аны канааттандырбаганы менен алдыга койгон пландар аз убакыттын ичинде соода жүгүртүүнүн көлөмүн көбөйтөт деп терең ишенет. Анткени Азербайжан Кыргызстанда инвестициялык долбоорлорду да ишке ашырууга кызыкдар экендигин баса белгиледи. Ошондой эле Ильхам Алиев Кытай-Өзбекстан-Кыргызстан темир жолунун ишке кириши максаттуу экономикалык өнүгүүнүн эң туура багыты экенин айтып өттү. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында биргелешкен кызматташтыкты тереңдетүүгө багытталган эки тараптуу он документке жана келишимдерге кол коюлду. Эң маанилүү документ болуп эки өлкөнүн кызматташуусун жаңы деңгээлге алып чыккан стратегиялык өнөктөштүк жөнүндө декларация болду.

КЫРГЫЗСТАН – АЗЕРБАЙЖАН БИРГЕЛЕШКЕН ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУ

Мындан сырткары Кыргызстандын Министрлер кабинети менен Азербайжандын өкмөтү Кыргыз-Азербайжан өнүктүрүү фондун түзүү боюнча макулдашууга жетишип, бир катар министрликтин жетекчилери өз багытында кызматташуу боюнча биргелешкен программа, протокол жана меморандумга кол коюшту.

Биргелешкен өнүктүрүү фонду жана эки өлкөнүн экономикалык алакасы тууралуу Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары, Кыргызстан менен Азербайжандын ортосундагы Экономикалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык комиссиянын төрагасы Бакыт Төрөбаевдин маалыматы боюнча учурда Азербайжан өлкөсү менен саясий-дипломатиялык мамилени эске албаганда, биздин соода-экономикалык алакабыз өтө деле жогорку деңгээлде эмес. Ошондуктан эки өлкөнүн экономикалык алакасын арттыруу үчүн Кыргызстандын Министрлер Кабинети менен Азербайжан өкмөтүнүн ортосунда Кыргызстан-Азербайжан өнүктүрүү фонду түзүлө турган болду. Уставдык капиталы 25 миллион доллар болгон фонд экономикалык кызматташтыкты жакшыртуу үчүн иштеп, штаб-квартирасы Бишкекте жайгашат. Ал Кыргызстан менен Азербайжандын ортосундагы экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү, экономиканы модернизациялоо жана өнүктүрүү, мүмкүнчүлүктөрдү натыйжалуу пайдалануу максатын көздөйт. Ошондой эле Фонддун түзүлүшү инвестициялык чөйрөдөгү кызматташтыкты активдештирүү жана кеңейтүүгө түрткү болот. Фонд артыкчылыктуу долбоорлорду инвестициялоо, кредит жана зайымдарды берүү жана өлкөдө катталып иш алып барган орто жана чакан бизнес өкүлдөрү менен болгон мамилелерде натыйжалуу каржылык инструменттерди колдонуу аркылуу иш жүргүзөт. Андан сырткары анын ишмердигине агроөнөржай, саламаттык сактоо, автоунаа, изилдөө жана технология, газ, тигүү жана текстиль, тоо-кен жана металлургия өнөр жай тармактары да камтылат. Азырынча эки өлкөнүн соода жүгүртүүсү жылына 100 миллион доллардын айланасында.

Бакыт Төрөбаев Бишкек-Баку түз авиакаттамын ачып, андан ары Европа өлкөлөрүнө чыгуу боюнча да сөз болгондугун белгиледи. Анткени Бишкек-Баку аба каттамын ачуу боюнча демилге 2010-жылдан бери көтөрүлүп, бирок иш жүзүнө ашпай келген.

АЙЫЛ ЧАРБАДАГЫ АЛГАЧКЫ КАДАМ

Президент Садыр Жапаровдун быйыл апрель айында Азербайжанга жасаган расмий иш сапарында эки өлкөнүн Айыл чарба министрликтери кызматташуу жөнүндө макулдашууга жетишкен. Кыргызстандын Айыл чарба министри Аскарбек Жаныбеков ошол макулдашууга ылайык, Кыргызстан Азербайжанга топоз экспорттой турганын айтты. Анын сөзү боюнча апрель айындагы макулдашууда 2 миң баш топоз тууралуу сөз болгон. Экспорттоонун биринчи бөлүгү 15-октябрда жөнөтүлөт. Быйыл 100 баш алынып кетип, ал Азербайжандын шартына ылайыкташып кетсе, 2023-жылы дагы 1900 бука жөнөтүлөрү пландалууда. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 57 миң баш топоз бар.

АЗЕРБАЙЖАН – МУНАЙГА БАЙ ӨЛКӨ

Негизинен Азербайжан мамлекети мунайга бай өлкө. 2012-жылы Кыргызстан Азербайжан менен жылына 2 миллион тонна мунайды кайра иштетүүчү биргелешкен завод курууну макулдашып, бирок кийин ал ишке ашпай калган. Кыргызстандын күйүүчү-майлоочу майга болгон жылдык керектөөсү 1 миллион тонна. Ал макулдашууда ашыкча иштетилген мунайзатты коңшулаш үчүнчү өлкөлөргө сатуу каралган эле. Бул долбоорду Азербайжандын Мамлекеттик мунай компаниясы (SOCAR) ишке ашырып, биргелешкен заводду куруу чыгымын өзүнө ала турган болгон. Мунайды Кыргызстанга жеткирүү кымбат болгондуктан, демилге ишке ашпай калганын түшүндүргөн Кыргызстандын Азербайжандагы ыйгарым укуктуу элчиси Кайрат Осмоналиев:

“Бул демилгени изилдеп чыктык. Бир топ сүйлөшүүлөр да болду. Иш жүзүнө келгенде чийки мунайды Кыргызстанга алып келүү кыйын экен. Негизи Азербайжан мунайдын 60 пайызын чет өлкөлөргө экспорттойт. Алар мунайды да, газды да Грузия, Түркия аркылуу өткөн мунай жолу менен сатат. Бизде да ушундай жолдор болгондо мунайды, газды Азербайжандан импорттоодо маселе болмок эмес. Ошондуктан биринчи логистикалык маселени чечиш керек. Тилекке каршы, Азербайжан менен Кыргызстандын ортосунда миңдеген чакырым аралык буга тоскоолдук жаратып жатат” деди.

АЙТМАТОВГО ТААЗИМ

Ушул эле күнү Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаевдин коштоосунда “Ата-Бейит” улуттук тарыхый-мемориалдык комплексине барды. Ал 1916-жылкы каргашалуу үркүндүн кесепетинен каза болгондордун, сталиндик репрессиянын курмандыктарынын жана кыргыз элинин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун эстеликтерине таазим кылып, гүлчамбар койду, куран окулду.

ДОСТУКТУ БЕКЕМДЕГЕН СЕЙИЛ БАК

Кечке маал эки өлкөнүн мамлекет башчылары борборубуздун түштүк тарабындагы Кыргыз-Азербайжан достук сейил багынын салтанаттуу ачылышына келишти. Эки өлкөнүн достук мамилесине көпүрө болуп жаткан сейил бакта Манас жаңырып, дастан айтылып, комуз менен терме, санат ырлары жаңырып, улуттук баалуу буюмдардын көргөзмөсү болду.

Байтик баатыр эс алуу багына катарлаш жайгашкан бул эс алуу багы 2020-жылы Азербайжандын президентинин сапары учурунда ачылары белгиленген. Бирок, октябрдагы бийлик алмашуу себебинен улам белгисиз мөөнөткө жылган.

Президент Садыр Жапаров сейил бактын ачылышы эки өлкөнүн мамилеси саясий-экономикалык гана эмес, маданий-гуманитардык кызматташтыкта да чыңдалгандыгынын далили экенин айтып, Азербайжан лидеринин улуттук баалуулуктарды камсыз кылууга жана коргоого, дүйнөлүк коомчулуктун алдында анын эл аралык беделин чыңдоого багытталган көп кырдуу жаратман ишмердүүлүгүн өзгөчө белгиледи.

Өз кезегинде Ильхам Алиев сейил бактын ачылышынын символикалык мааниси бар экенин белгилеп, жалпы азербайжандыктардын атынан терең ыраазычылыгын билдирди. Ошону менен катар ал кыргыз жеринде боордоштук сөз жүзүндө гана болбостон, иш жүзүндө болуп жатканына кубанганын жашырган жок. Мындай жакшы салт жашай берсе Баку менен Бишкек эле эмес, эки өлкөнүн башка шаарлары да бир тууган шаарларга айланарын кошумчалады. Эки президент сейил бакты аралап, шашпай көрүп чыгышты. Салтанаттуу мындай ачылыштын жана эки өлкөнүн ынтымагынын урматына салюттар атылып, ырлар жаңырды.

МАМЛЕКЕТТИН КЕЛЕЧЕГИ – САПАТТУУ БИЛИМДЕ

Президент Садыр Жапаров Президент Ильхам Алиев менен Бишкек шаарындагы №20 мектеп-гимназиясына Азербайжандын алгачкы Президенти Гейдар Алиевдин ысымын ыйгаруу аземине катышты.

Мектептин ачылышында Президент Садыр Жапаров Кыргызстанда мектепке ысым ыйгаруу эки тараптуу мамилелердеги орчундуу окуя экенин белгиледи. Ал эки элдин бекем достугун жана өлкөлөр ортосундагы стратегиялык кызматташтыкты айгинелейт. Анын пайдубалы эл аралык даражадагы тарыхый инсан, Азербайжандын улуттук лидери Гейдар Алиев тарабынан түптөлгөн. Ал мектепке Гейдар Алиевдин ысымын ыйгаруу Кыргызстан үчүн чоң сыймык экенин, анткени бул масштабдуу инсанда Азербайжандын эле эмес, башка элдердин да үмүтү жана тилеги топтолгондугун баса белгиледи. «Ал ким болбосун, республиканын Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы болобу, же өзүнүн кичи мекени — Нахичеванда болсун — Гейдар Алиевич өз доорунун көрүнүктүү өкүлү, кылдат жана ойчул, жаратман, даанышман адам болгон. Коммунисттик партиянын Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөсү катары СССР Министрлер Советинин Төрагасынын биринчи орун басары болуп иштеп турганда Гейдар Алиев СССРдин экономикалык, социалдык жана маданий турмушунун маанилүү багыттарын жетектеген. Анын бай саясий жана мамлекеттик тажрыйбасы, элдин таламдарын коргоодогу бекемдиги жана ак ниеттүүлүгү, акылмандыгы жана бийик адамдык сапаттары Азербайжандын чегинен тышкары жерлерде да адилеттүү түрдө урмат-сыйга ээ болгон. Ал эли-бизге болгон жылуу мамилеси, колдоосу, катышуусу менен бизге, кыргызстандыктарга жакын” деп белгиледи Садыр Жапаров.

Келечекте бул мектептен Гейдар Алиев сыяктуу инсандар чыгат деген ишенимин билдирген Садыр Жапаров, жаш мекендештер бир тууган эки элдин жана өлкөлөрдүн ортосундагы достуктун жана кызматташтыктын бекем көпүрөсү болуп каларына үмүтү чоң экендигин айтты. «Бул табигый көрүнүш, анткени ар бир мамлекеттин бүгүнкүсү жана келечеги сапаттуу билимге, алган билимин коомдун жыргалчылыгы үчүн колдоно билүүсүнө түздөн-түз байланыштуу» деп баса белгиледи Садыр Жапаров.

Президенттер мектептин ашканасында башталгыч класстын балдары менен эртең мененки тамак үстүндө баарлашып, алар менен чогуу мектептин тамагынан даам сызышты. Эки өлкөнүн лидерлери мектепти кыдырып көрүшүп эстеликке футбол тобуна кол тамгаларын коюшуп, окуучуларга белек кылышты. Ардактуу меймандар үчүн мектептин окуучулары эки өлкөнүн достугун чагылдырган ырларды окуп, ырдап, “Манас” эпосунан үзүндүлөрдү айтышты. Балдардын талантын жогору баалап, окууларында ийгиликтер менен жаркын келечек каалашты.

НИЗАМИ ГЯНДЖЕВИ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП

Андан соң эки өлкөнүн Президенттеринин катышуусунда борборубуздагы Низами Гянджеви атындагы мектептин ачылыш аземи болду. Окуу жайдын аянты 2 миң 31 чарчы метрди түзүп, 550 окуучулук орунга ылайыкталган. Мектепте класстардан тышкары чоң жыйындар жана спорттук залдар, ашкана, китепкана, мектептен тышкаркы иштер үчүн кабинеттер жана медициналык бөлүм, гимнастика аянтчалары, эс алуу аянты жана аймагында унаа токтотуучу жайлар каралган.

Низами Гянджеви – XI-XII кылымдарда жашап өткөн Чыгыш адабиятындагы эң белгилүү акын жана илимпоз. Улуу акын “Сырлар кенчи”, “Хосров менен Ширин”, “Лейли менен Межнун” ж.б. чыгармалары менен тарыхта калган.

ЭСТЕ КАЛЧУ ЭТНО МАДАНИЯТ

Ушул эле күнү Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров менен Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиев Ала-Арча мамлекеттик жаратылыш паркында уюштурулган этномаданий программа менен таанышты.

Паркка келген өлкө лидерлерин 12 баатыр жана акындар тосуп алды. Кол өнөрчүлөр аллеясына өтүп, президенттер кыргыз элинин улуттук каада-салттары, кол өнөрчүлүк буюмдарын жасоочу усталардын устаканалары, улуттук “шырдак” килемдери менен таанышты. Ардактуу меймандар үчүн тамак-аштардан даам татуу, улуттук азык-түлүк көргөзмөсү жана «Аталар изи» кыргыз улуттук кийимдеринин коллекцияларынын көргөзмөсү уюштурулду.

Мамлекет башчыларына бүркүтчүлөрдүн, жаачылардын жана тайганчылардын катышуусунда салттуу салбуурун аң уулоонун элементтери көрсөтүлдү. Этномаданий программа Ч. Исабаев атындагы “Камбаркан” фольклордук – этнографиялык ансамблинин аткаруусундагы элдик ырлар жана музыка менен коштолду.

Разия ЖООШБАЕВА

■ Спорт

ОЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНА ДАЯРДЫКТАР БАШТАЛДЫ

Кыргызстандын грек-рим күрөшү боюнча улуттук курама командасы 2024-жылы Парижде өтө турган жайкы Олимпиада оюндарына даярдыктарды баштады. Бул тууралуу улуттук курама команданын улук машыктыруучусу Улукбек Карачолоков: «Кийинки Париж Олимпиадасына даярдана баштадык. Бул жолу кетирген каталарды жоюп, жетпей калган медалдарга жетебиз деп аракет кылабыз", - деди.

Ал ортодо Бириккен дүйнөлүк күрөш уюму (UWW) Париж Олимпиадасына жаңыланган квалификация процессин бекитти.

Жаңы эрежелер боюнча балбандар Франциядагы Оюндарга лицензия алуу үчүн 3 мүмкүнчүлүк алышат. Бул жолу квоталар кыскартылгандыктан атаандаштык күч болот.

Парижде эркектер жана аялдар арасында грек-рим жана эркин күрөш боюнча жалпысынан 18 комплект медаль ойнотулат. Ар бир салмакта 16 балбан күч сынашат. Жалпысынан 2024-жылкы Олимпиадага 288 квота бөлүнөт. Балбандар ат салыша турган алгачкы лицензиялар 2023-жылкы Дүйнө чемпиондугунда ойнотулат. UWW календарына ылайык, турнир 2023-жылдын 16-24-сентябрында Красноярск шаарында өтөт. Бул турнирге да квота 28ге кыскарып, 90 балбан гана катышуу укугуна ээ болот.

Андан кийинки баскычта континенталдык лицензиялык турнир өтөт. Ага 144 балбан жолдомо алат. Бул Азиянын лицензиялык турнири Кыргызстанда 12-14-апрель күндөрү болот. Турнирдин финалисттери Олимпиадага лицензия алышат. 2023-жылкы дүйнөлүк чемпионатка лицензия утуп алган спортчулар бул тандоого катышпайт.

Үчүнчү жана акыркы баскыч, башкача айтканда дүйнөлүк лицензиялык турнир 9-12-майга белгиленген. Бул жерде жалпысынан 54 лицензия ойнотулуп, ар бир салмакта 3 спортчуга ыйгарылат. Финалга чыккандар автоматтык түрдө лицензия алышат, ал эми 3-орунду ээлеген балбандар үчүнчү лицензия үчүн кошумча беттеште күч сынашат.

Ошентип квалификациялык мезгил 2023-жылдын 16-сентябрында башталып, 2024-жылдын 12-майында аяктайт. Эске салсак, 2021-жылы Токиодо Кыргызстандын 9 балбаны күч сынашып, жыйынтыгында 3 медаль - 2 күмүш жана 1 коло байгеге ээ болушкан.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

2022-ЖЫЛДЫН 14-17-СЕНТЯБРЫНДА БАТКЕН ОБЛУСУНДА БОЛГОН КУРАЛДУУ КАГЫЛЫШУУНУН КЕСЕПЕТИНЕН ЖАБЫР ТАРТКАН БАТКЕН ОБЛУСУНУН БАТКЕН РАЙОНУНУН АЙРЫМ КАЛКТУУ КОНУШТАРЫН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА КОШУМЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Баткен облусунун Баткен районунун Капчыгай жана Достук калктуу конуштарын толук калыбына келтирүү, ошондой эле 2022-жылдын 14-17-сентябрында Баткен облусунда болгон куралдуу кагылышуунун кесепетинен жабыр тарткан, аталган калктуу конуштардын жашоочуларынын жашоо-турмушу үчүн зарыл болгон жана бирдей шарттарды түзүү максатында, Баткен облусунда өзгөчө кырдаал режиминин иштешин эске алып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 17-сентябрындагы №313 Жарлыгы менен түзүлгөн Баткен жана Ош облустарында болгон куралдуу кагылышуунун кесепетинен бузулган жана талкаланган административдик-аймактык бирдиктерди калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик комиссиянын Баткен облусунун Баткен районунун Капчыгай жана Достук калктуу конуштарында жайгашкан жеке турак үйлөрдү Баткен облусунун Баткен райондук Жарандык коргонуунун өзгөчө кырдаалдардан келтирилген зыянды баалоо боюнча комиссиясы тарабынан аныкталган бузулуулардын бар же жок экендигине карабастан, кийин жаңы турак үйлөрдү куруу менен толук бузуу жөнүндө сунушу жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү менен биргеликте:

- Баткен облусунун Баткен районунун Капчыгай жана Достук калктуу конуштарын деталдуу пландоо долбоорлору менен биргелешкен башкы пландарды иштеп чыксын;
- калктуу конуштардын башкы пландарын иштеп чыгуу үчүн М 1: 5000 жана М 1: 2000 масштабындагы топографиялык пландарды камсыз кылсын;
- Баткен облусунун Баткен районунун Капчыгай жана Достук калктуу конуштарында жайгашкан жеке турак жай үйлөрүн Баткен облусунун Баткен райондук Жарандык коргонуунун өзгөчө кырдаалдардан келтирилген зыянды баалоо боюнча комиссиясы тарабынан аныкталган бузулуулардын бар же жок экендигине карабастан, кийин жаңы турак үйлөрдү куруу менен бузсун;
- тез арада калыбына келтирүүнү талап кылган форс-мажордук кырдаалдардын кесепеттерин локалдаштыруу шартында курулуш иштерин жүргүзсүн жана курулуш иштерин өз убагында аяктоону камсыз кылсын.

3. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары ушул Жарлыктын 2-пунктунда көрсөтүлгөн башкы пландарды жана калктуу конуштарды деталдуу пландоо долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча бирдиктүү заказчы катары чыгары;
- Баткен облусунун калктуу конуштарында жайгашкан жаңы тургузулган жеке турак үйлөрдүн укук ырастоочу жана укук белгилөөчү документтери бир убакта курулуш иштерин аяктоо менен тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан менчик ээлерине акысыз берилери.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ушул Жарлыктын 2-пунктунда көрсөтүлгөн башкы пландарды, калктуу конуштардын деталдуу пландоо долбоорлорун жана топографиялык негиздерин иштеп чыгууга берилген сметага ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына акча каражаттарын бөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 10-октябры, ПЖ №348

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК СТРАТЕГИЯЛЫК БАШКАРУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Өлкөнү өнүктүрүүнү стратегиялык башкаруу жана пландоо процессин, мамлекеттик стратегиялык документтерди кабыл алууну тартипке келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 10-октябры, ПЖ №349

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2020-ЖЫЛ ҮЧҮН РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТИНИН АТКАРЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТТУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 8-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

Кыргыз Республикасынын 2020-жыл үчүн республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет атайын каражаттарды эске алуу менен кирешелер боюнча 134 587 261 миң сом суммасында, чыгашалар боюнча 154 450 576,7 миң сом суммасында, чыгашалардын кирешелерден 19 863 315,7 миң сом суммасында ашуусу менен бекитилсин.

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 10-октябры, №94

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ОТЧЕТА ОБ ИСПОЛНЕНИИ РЕСПУБЛИКАНСКОГО БЮДЖЕТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЗА 2020 ГОД

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 8 сентября 2022 года

Статья 1

Утвердить отчет об исполнении республиканского бюджета Кыргызской Республики за 2020 год с учетом специальных средств по доходам в сумме 134 587 261 тыс. сомов, по расходам в сумме 154 450 576,7 тыс. сомов, с превышением расходов над доходами в сумме 19 863 315,7 тыс. сомов.

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 10 октября 2022 года, №94

«ӨЗГӨЧӨ АБАЛ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 7-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Өзгөчө абал жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., №2, 81-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

28-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«28-статья. Ушул Мыйзамдын 26-статьясында каралган тартипти бузууга жол берген адамдар ички иштер органдары же аскердик патрулдар тарабынан коменданттык саат аяктаганга чейин, ал эми жанында инсандыгын ырастоочу документтери жоктор - ким экендиги аныкталганга чейин, бирок 48 сааттан ашык эмес кармалат. Кармалгандар укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте жеке тинтилиши, буюм-тайымдары жана транспорт каражаттары каралып чыгышы мүмкүн.».

2-берене

Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 10-октябры, №95

КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ЧРЕЗВЫЧАЙНОМ ПОЛОЖЕНИИ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 7 сентября 2022 года

Статья 1

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О чрезвычайном положении» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №2, ст. 81) следующее изменение:

статью 28 изложить в следующей редакции:

«Статья 28. Лица, допустившие нарушение порядка, предусмотренного статьей 26 настоящего Закона, задерживаются органами внутренних дел или военными патрулями до окончания комендантского часа, а не имеющие при себе документов, удостоверяющих личность, - до установления личности, но не более чем на 48 часов. Задержанные могут быть подвергнуты личному досмотру, осмотру вещей и транспортных средств в порядке, предусмотренном законодательством о правонарушениях.».

Статья 2

Настоящий конституционный Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 10 октября 2022 года, №95

■ Ысык-Көл

ЭЛДИК КУРУЛТАЙ – ЭЛ ЭРКИ

12-октябрда КР Президентинин Ысык-Көл облусундагы өкүлчүлүгүнүн чоң жыйындар залында өрөөндөгү мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын жооптуу кызматкерлеринин, айылдык, шаардык кеңештердин төрагаларынын, депутаттардын, ошондой эле коомчулук өкүлдөрүнүн катышуусунда Элдик Курултайга карата даярдыктардын жүрүшү, Элдик Курултай жөнүндөгү Жободогу көпчүлүктүн соболдорун жараткан айрым маселелер тууралуу иш-чара өттү.

Иш-чарада Элдик Курултайды даярдоо жана өткөрүү боюнча республикалык уюштуруу комитетинин мүчөсү, КР Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын башчысынын орун басары Мирбек Кожоев чогулгандарга күн тартибиндеги маселе боюнча кеңири маалымат берди.

Ал элдик өкүлчүлүктүн коомдук-өкүлчүлүктүү, кеңеш берүүчү, байкоочу чогулушу болуп саналган Элдик Курултай коомду, мамлекетти экономикалык, социалдык өнүктүрүүнүн, улуттук коопсуздукту камсыздоонун, жарандардын укуктарын, эркиндигин коргоонун, жарандык коомду өнүктүрүүнүн өтө маанилүү маселелерин, руханий-идеологиялык маселелерди чечүү максатында Кыргыз Республикасынын жарандарынын, жергиликтүү коомчулуктардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик бийлик органдарынын коомдук маанилүү кызыкчылыктарын макулдашууну камсыз кыла тургандыгын баса белгиледи.

Иш-чаранын катышуучулары бул күнү Элдик Курултайды өткөрүүнүн, делегаттарды шайлоонун тартиби, Элдик Курултайдын ишин финансылык, материалдык-техникалык, маалыматтык жана уюштуруучулук жактан камсыз кылуу боюнча арбын суроолоруна жоопторду алышты.

Эгемберди САДАБАЕВ

«ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАРЫ» ААК

2022-жылдын 4-ноябрында саат 10.00дө «Электр станциялары» ААКнын төмөндөгүдөй күн тартиби менен акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу болот.

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2022-жылга карата коомдун жылдык бюджетин бекитүү туурасында.
3. 2022-жылга карата коомдун көз карандысыз аудиторун бекитүү туурасында.
4. Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
5. Коомдун Директорлор кеңеши жөнүндөгү жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
6. Коомдун башкы дирекциясы жөнүндөгү жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
7. Коомдун текшерүү комиссиясы жөнүндөгү жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
8. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
9. Коомдун текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
10. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.
11. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө төлөнүүчү компенсациялардын жана сый акылардын өлчөмүн бекитүү туурасында.
12. Коомдун текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнө төлөнүүчү компенсациялардын жана сый акылардын өлчөмүн бекитүү туурасында.

Чогулуш төмөндөгү даректе өткөрүлөт: **Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү №326 ("Кыргызстан УЭС" ААКнын актовый залы)** акционерлерди каттоонун мөөнөтү **саат 9.00дөн баштап саат 10.00гө** чейин. Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушуна катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2022-жылдын 14-октябры.**

Чогулуштун материалдары менен акционерлер төмөнкү даректен таанышса болот: "Электр станциялары ААК", **Шабдан Баатыр пр., 108** корпоративдик катчыдан дареги: **Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 326, 313-бөлмө.**

ОАО «ЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ СТАНЦИИ»

4 ноября 2022 года в 10.00 часов состоится внеочередное общее собрание акционеров ОАО «Электрические станции» со следующей повесткой дня:

1. Об утверждении состава счетной комиссии.
2. Об утверждении годового бюджета Общества на 2022 год.
3. Об утверждении независимого аудитора Общества на 2022 год.
4. О внесении изменений в Устав Общества.
5. О внесении изменений в Положение о Совете директоров Общества.
6. О внесении изменений в Положение о Генеральной дирекции Общества.
7. О внесении изменений в Положение о Ревизионной комиссии Общества.
8. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
9. О досрочном прекращении полномочий члена Ревизионной комиссии Общества.
10. Об избрании членов Совета директоров Общества.
11. Об утверждении размеров выплачиваемого вознаграждения и компенсаций членам Совета директоров Общества.
12. Об утверждении размеров выплачиваемого вознаграждения и компенсаций членам Ревизионной комиссии Общества.

Собрание будет проведено по адресу: **г.Бишкек, ул. Жибек Жолу №326, (актовый зал ОАО «НЭС Кыргызстана»)** срок регистрации акционеров с **9.00 до 10.00 часов**. Датой составления списка акционеров, имеющих право на участие на внеочередном общем собрании акционеров считать **14 октября 2022 года.**

С материалами собрания акционеры могут ознакомиться по адресу: ОАО «Электрические станции», **пр.Шабдан Баатыра, 108** и у Корпоративного секретаря по адресу: **г.Бишкек, ул.Жибек Жолу, 326, каб.313.**

«ФИНКА БАНК» ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ

Кочкор р-ну, Кочкор а., Сыдыков көч., 9 дарегинде жайгашкан, пайдалуу аянты - 48,84 кв.м., турак аянты - 25,83 кв.м., жер тилкеси - 700,0 кв.м. түзгөн кыймылсыз мүлккө ТЕНДЕР ЖАРЫЯЛАЙТ.

Имаратты кызматкердин катышуусунда гана көрүүгө болот, бул үчүн күнүн жана убактысын алдын ала макулдашып алуу зарыл (Маалымат алуу телефону: Эрмек **(0772) 57-79-07**, көрүү үчүн - Аслан **(0220) 03-26-44).**

«Кыймылсыз мүлктү сатып алуу» тендерине катышуу үчүн: "ТЕНДЕР-имарат" деген белги коюлуп, чапталган конвертте (байланыш маалыматтарыңызды көрсөтүү менен) өз сунушуңузду **2022-жылдын 31-декабрына** чейин **саат 17.00дөн** кечиктирбестен **Кочкор а., С.Орозбак көч., 230** дарегине беришиңиз керек.

С/О-454

Подразделение службы судебных исполнителей Октябрьского района г. Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ на недвижимое имущество

- многолетние насаждения, расположенная по адресу: Иссык-Кульская область, Иссык-Кульский район, Бостеринский а/а, контур №б/н, код ЕНИ 2030600010948 принадлежащее на праве собственности Раяпову Нурлану Арзыматовичу, 11.02.1978 года рождения, путем проведения публичных торгов.

Определить начальную (стартовую) продажную цену в размере 1 578 000 (один миллион пятьсот семьдесят восемь тысяч) сом.

Для участия на торгах желающим необходимо за день до начала торгов внести **5%** гарантийный взнос от начальной стоимости недвижимого имущества на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек.

Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 (семи) дневного срока после проведения торгов на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек.

Торги состоятся **15 ноября 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения недвижимого имущества, а именно по адресу: **с. Бостери, Иссык-Кульский район, Иссык-Кульской области.**

Организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Октябрьского района г.Бишкек - Абдикаримов Э.А. справки по телефону: (0505) 11-99-96.

Реквизиты: Центральное казначейство при МФ КР, р/с: **4402032100000408** (депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек); код платежа: **14511900** в назначении указать Ф.И.О. участника торгов и номер дела №СГ-512/20 Б2 и №УД-780/20Б2.

Н-877

Подразделение службы судебных исполнителей Октябрьского района г. Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ на недвижимое имущество

- многолетние насаждения, расположенная по адресу: Таласская область, Таласский район, Кок-Ойский а/а, уч.Присельный, контур №468, код ЕНИ 6040400020899, принадлежащие на праве собственности Раяпову Нурлану Арзыматовичу, 11.02.1978 года рождения, путем проведения публичных торгов.

Определить начальную (стартовую) продажную цену в размере 205 000 (двести пять тысяч) сом.

Для участия на торгах желающим необходимо за день до начала торгов внести **5%** гарантийный взнос от начальной стоимости недвижимого имущества на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек.

Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 (семи) дневного срока после проведения торгов на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек.

Торги состоятся **18 ноября 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения недвижимого имущества, а именно по адресу: **с.Ко-Ой, Таласский район, Таласской области.**

Организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Октябрьского района г.Бишкек - Абдикаримов Э.А. справки по телефону: (0505) 11-99-96.

Реквизиты: Центральное казначейство при МФ КР, р/с: **4402032100000408** (депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек); код платежа: **14511900** в назначении указать Ф.И.О. участника торгов и номер дела №СГ-512/20 Б2 и №УД-780/20Б2.

Н-878

ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО «НАЦИОНАЛЬНАЯ ЭНЕРГЕТИЧЕСКАЯ ХОЛДИНГОВАЯ КОМПАНИЯ»

Решением единственного акционера открытого акционерного общества «Национальная энергетическая холдинговая компания» (решение Министерства энергетики Кыргызской Республики от 13 октября 2022 года №23-Р):

1. Садыков Нурлан Маткасымович освобожден с должности – Первого заместителя Председателя Правления-члена Правления ОАО «Национальная энергетическая холдинговая компания».

Кадамжай районунун Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн тургуну Холматов Юсубжонго тиешелүү Үч-Коргон айылында жайгашкан 8-02-14-1001-3312 жана 8-02-14-1001-3316 идентификациялык коду менен катталган турак жайларынын жер участокторуна берилген сер. Ч №875344 жана №542740 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актылары жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-242

В связи с утерей свидетельства о праве пользование на земельную долю 70303 серия ИЖ XIII-И1011 на имя Койгельдиевой Гульбары считать недействительным. Н-881

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Кэ Цзянио код ОКПО 31463998, ИНН 22011195450001 считать недействительным. Н-882

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Мамытканов Нурланбек Сагынович код ОКПО 31369762, ИНН 22401196600562 считать недействительным. Н-880

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Сабыров Турарбек Ырыскелдиевич код ОКПО 24545856, ИНН 20904198300441 считать недействительным. Н-883

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Cisco түйүндүк жабдуунун техникалык колдоосун сатып алуу боюнча АЧЫК РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРӨТ.

Сынак боюнча документтер **2022-жылдын 26-октябрында саат 17.00гө** чейин сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Катышуучулар үчүн сынакка чейинки конференция **2022-жылдын 21-октябрында саат 14.00дө Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча суроолор менен техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2022-жылдын 31-октябрында саат 15.00гө** чейин **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген мөөнөттөн кечиктирилип берилген сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда **2022-жылдын 31-октябрында саат 15.00дө Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча каралат.

Уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 61-91-52** телефону же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

"КОДДУ ТАП, ДЖЕКПОТ АЛ» КЫЗЫКТЫРУУЧУ ЛОТЕРЕЯСЫНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ

Датасы	Жеңүүчүлөрдүн аты-жөнү	Байгенин аталышы
08.07.2022	Сариев А.Б.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
15.07.2022	Алымкулова Г.С.	JBL кубаттагыч каражаты
15.07.2022	Тынарова С.Т.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
15.07.2022	Базилов Б.М.	JBL блютуз колонкасы
22.07.2022	Эрмек уулу Т.	кубаттагыч каражат
22.07.2022	Козякина А.И.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
22.07.2022	Исаев Э.Ж.	JBL блютуз колонкасы
29.07.2022	Касымалиев А.	кубаттагыч каражат
29.07.2022	Акматалиев М.А.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
29.07.2022	Эрмаматова У.	JBL блютуз колонкасы
05.08.2022	Эмилбек у А.	кубаттагыч каражат
05.08.2022	Смирнова М.Н.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
05.08.2022	Иманбаев К.	JBL блютуз колонкасы
12.08.2022	Темирбаев Н.А.	кубаттагыч каражат
12.08.2022	Доолоталиев Д.А.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
12.08.2022	Арапов Н.Ж.	блютуз колонкасы
10.08.2022	Сыдыков К.	кубаттагыч каражат
19.08.2022	Жээнбекова Б.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
19.08.2022	Сеитов Д.	JBL блютуз колонкасы
26.08.2022	Абдуллаев А.	кубаттагыч каражат
26.08.2022	Семин С.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
26.08.2022	Турдубай кызы У.	JBL блютуз колонкасы
02.09.2022	Погудин Ю.М.	кубаттагыч каражат
02.09.2022	Ушуров Х.К.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
02.09.2022	Исаков А.Б.	JBL блютуз колонкасы
09.09.2022	Усубалиева М.М.	кубаттагыч каражат
09.09.2022	Жакыпбаев А.	JBL блютуз колонкасы
16.09.2022	Белоусов Р.	кубаттагыч каражат
16.09.2022	Алибеков Т.Б.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
16.09.2022	Камилов Н.Т.	JBL блютуз колонкасы
23.09.2022	Абдихалил уулу И.	кубаттагыч каражат
23.09.2022	Акылбеков М.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
23.09.2022	Маматов С.	JBL блютуз колонкасы
30.09.2022	Сизиков Н.	кубаттагыч каражат
30.09.2022	Турдубек к Т.	JBL өткөргүчсүз кулакчындары
30.09.2022	Айылчиева А.С.	JBL блютуз колонкасы
01.09.2022	Кошчубаева Л.О.	AIRPODS кулакчындары
01.08.2022	Котманбаев Н.К.	APPLE WATCH SE 44
01.08.2022	Султанов Ж.И.	IPHONE 13
01.09.2022	Айсуев А.М.	AIRPODS кулакчындары
01.09.2022	Асанов М.А.	APPLE WATCH SE 44
01.09.2022	Джунусалиев К.Ш.	IPHONE 13
30.09.2022	Сабиров А.А.	AIRPODS кулакчындары
30.09.2022	Бейшенбек уулу Р.	APPLE WATCH SE 44
30.09.2022	Арстаналиева А.Р.	IPHONE 13
30.09.2022	Акылбек уулу Б.	1 000 000 сом

С/О-449

В связи с утерей государственного акта о праве частной собственности на земельный участок серии Ч №918810 и технического паспорта от 18.05.2015 г. идентификационный номер 1-04-13-0033-0084 ОсОО «ТД Семь Дней (7)» считать недействительным.

Н-866

Краткий ежеквартальный отчет

ОАО «РЕЕМТСМА-КЫРГЫЗСТАН»

за 3 квартал 2022 года

1. **Данные об эмитенте:**
- полное и сокращенное наименование эмитента - **Открытое акционерное общество «Реемтсма-Кыргызстан», ОАО Реемтсма- Кыргызстан»**
- организационно-правовая форма- **Открытое акционерное общество**
- юридический и почтовый адрес эмитента, номер телефона и телефакса - **Кыргызская Республика, 720011, г. Бишкек, ул. Ибраимова, 115, Бизнес Центр «Асыл-Таш», 10-й этаж тел.: 66-27-94, 66-29-63**
- основной вид деятельности эмитента - **Производство табачных изделий.**

2. Количество владельцев ценных бумаг и работников эмитента.

Количество владельцев ценных бумаг по состоянию на конец отчетного квартала	1411
Количество работников эмитента на конец отчетного квартала	3

3. Список юридических лиц, в которых данный эмитент владеет 5 процентами и более уставного капитала - нет.
4. Информация о существенных фактах, затрагивающих деятельность эмитента ценных бумаг в отчетном периоде:

Наименование факта	Дата появления факта	Влияние факта на деятельность эмитента	Дата и форма раскрытия информации о факте
Смена Генерального директора Обухов Александр	16.08.2022	-	Газета "Эркин-Тоо" от 19.08.2022

5. Финансовая отчетность эмитента за отчетный период

1) Сведения, включаемые в бухгалтерский баланс

Код строк		На начало отчетного периода	На конец отчетного периода
	Активы		
(010)	1. Оборотные активы	831 484,7	834 058,6
(020)	2. Внеоборотные активы	-	-
(030)	3. Долгосрочная дебиторская задолженность	91,7	91,7
(040)	4. Краткосрочная дебиторская задолженность	1 902,6	1 978,6
(050)	Итого активы (010+020+030+040)	833 479,0	836 128,9
	Обязательства и капитал		
(060)	1. Краткосрочные обязательства	1 365,7	1 327,2
(070)	2. Долгосрочные обязательства	-	-
(080)	Итого обязательства (060+070)	1 365,7	1 327,2
(090)	Собственный капитал		
	1. Уставный капитал	815 424,0	815 424,0
	2. Дополнительный оплаченный капитал		
	3. Нераспределенная прибыль	16 689,3	19 377,6
	4. Резервный капитал		
